**Сулайман Рысбаев, Абиба Юнусалиева**

# ЭНЕ ТИЛИ

ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН
2-КЛАССЫ ҮЧҮН ОКУУ КИТЕБИ

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

Алтынчы басылышы



ТАШКЕНТ «O‘ZBEKISTON» 2018

УЎК 796(075)
КБК 81.2 Кир-92
Р-95

Рецензиялагандар: **Г. Токтобаев** – РББ нун кыргыз тили жана адабияты методисти. **З. Каххарова** – Ташкент облусу, Бөкө районундагы 34-орто мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:



— суроо жана тапшырмалар



— эсиңерге туткула


— аталардын сөзү


— үйгө тапшырма


— сабак аяктады

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-01-280-6

© С. Рысбаев, 2016, 2018
© «O‘ZBEKISTON» БПЧУ 2010—2016, 2018

# I ЧЕЙРЕК

## 1-класста өтүлгөндөрдү кайталоо

**Билим кени – китеп,**
**Тарбия кени – мектеп.**

*(Аталардын сөзүнөн)*

**1-көнүгүү.** Сүрөткө карап, аңгеме түзгүлө.





**2-көнүгүү.** Текстти окугула, түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

## ТАШКЕНТ

Ташкент – Мекенибиздин борбору. Ташкент – Орто Азиянын эң байыркы шаарларынан бири. Ташкент шаары эгемендүүлүк жылдарында айрыкча көрктөндү. Анын көчөлөрү кеңейди, көпүрөлөр, бийик-бийик үйлөр курулду. Учурда «International Hotel Tashkent», «Uzbekiston» сыяктуу заманбап мейманканалар, шаар конокторуна кызмат кылууда, «Toshkentland» балдар сейилбагы, Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи шаардын көркүнө көрк кошуп турат.



1. Ташкент кандай шаар?
2. Ташкентте кандай сейилбактар, музейлер бар экен?



**3-көнүгүү.** Бул макалдарды окуп түшүнгүлө да, жазып алгыла.



Билеги күчтүү бирди жыгат,
Билими күчтүү миңди жыгат.

Атасын сыйлаган акылдуу,
Энесин урматтаган эстүү.



**4-көнүгүү.** Булар сөздөрбү же сүйлөмдөрбү? Тыным жасап окуп, түшүндүрүп бергиле.

Үй-бүлө, бала, ата-эне, кыз, мектеп, китеп, дептер, калем сап, китеп кап, терезе, каалга, айнек, шкаф, аянт, топ, бак.



**5-көнүгүү.** Буларды окугула да, салыштыргыла. Кайсылары сүйлөмдөр, кайсылары сөз топтомдору экен?

а) Жай аяктады. Каникул бүттү. Күз келди. Окуу башталды. Бизге ата-энелерибиз китеп-дептер сатып алып берди. Биз мектепке келдик. Азыр кыргыз тили сабагы.

б) Алтын күз, кызыл-сары жалбырактар, ысык күн, кыргыз тили сабагы, орус тили сабагы, катуу шамал, кооз гүл.



Сөз маанини билдирет.

Мисалы: *алма, мектеп, булут.*

Сүйлөм бүткөн бир айрым ойду билдирет.

Мисалы: *Күз келди. Окуу кайрадан башталды.*



**6-көнүгүү.** Текстти окугула, анда канча сүйлөм бар экендигин айтып бергиле.

## ӨЗБЕКСТАН – ЭГЕМЕНДҮҮ ӨЛКӨ

Өзбек эли эзелтеден өз эркиндиги үчүн күрөшүп келген. Өз алдынча өлкө болуу биздин элибиздин улуу максаты эле.

1991-жылдын 31-августу тарых барактарына алтын тамгалар менен жазылып калды.

Ошол күнү Өзбекстан өзүнүн эркин, көз карандысыз өлкө экендигин дүйнөгө жарыялаган. 1991-жыл 1-сентябрь Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүк күнү деп белгиленди. Биз бул жылы эгемендүүлүгүбүздүн 25 жылдыгын майрамдайбыз.



**7-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окугула. Алардын ар биринде канчадан сөз бар? Сүйлөмдөрдө эмне айтылды, түшүндүргүлө.

1. Биздин эне тилибиз – кыргыз тили.
2. Өзбек тили – мамлекеттик тил.
4. «Алиппе» – алгачкы окуу китебибиз.



**8-көнүгүү.** Сөздөрдү байкагыла. Аларда кайсы тамга түшүп калды. Толуктап жазгыла да, түшүндүргүлө.

Кыр . ыз, Бу . ара, кал . ак, Сы . дарыя, м . ктеп, 1-с . нтяб . ь, с . бак, эл .ч . к, ке . илик.



## ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА



Биз сүйлөгөндө угулган айрым үндөр **тыбыш** деп аталат. Тыбыштар куралып, сөздү түзөт. Тыбышты тамга менен белгилеп жазабыз.

Тыбыштарды белгилөө үчүн алынган белги **тамга** деп аталат.

Көпчүлүк учурда бир тыбыш бир тамга менен белгиленет.

**9-көнүгүү.** Бул сөздөрдү айтканда, кандай тыбыштар угулду? Түшүндүргүлө.

Чыны, комуз, кымыз, жол, арча, жаа, чымын, коён, таяк, аюу, жайлоо, көңүлдүү, шаар, мөөрөй.

**10-көнүгүү.** Бул сөздөрдү көчүрүп жазып, маанисин түшүндүргүлө. Алар эмнеден улам бири-биринен айырмаланып турушат?

Дарак – тарак, адыр – атыр, дөө – төө, эр – ээр, жаз – жас, дагы – тагы, жакыр – чакыр.

**11-көнүгүү.** Окугула. Сөздөрдүн ар бири канча тамгадан түзүлдү? Ал тамгалар канча тыбышты билдирди?

Көпөлөк, көпүрө, гүл, өрдөк, каз, чымчык, кайың, ышкын, кымыздык, булбул.

**12-көнүгүү.** 1. Сүрөттөргө көңүл бургула.






2. **Шөкүлө** деген сөздө канча тыбыш жана канча тамга бар?

3. **Чайнек** деген сөздө канча тыбыш, канча тамга бар?

4. **Калпак, аары,** деген сөздөрдү муунга бөлүп жазгыла.

**13-көнүгүү.** Текстти окуп, тапшырманы аткаргыла.

## УЛУУ ЖЫЛДЫЗ САНАГЫЧ

Балдар, түндө асмандан жыбыраган жылдыздарды көрөсүңөр го. Алар кумурскадай жыбырап, сансыз оттой жылт-жылт этип турат. Алар бизге эң майда жылдыздардай болуп туюлат. Бирок алардын ар бири – биз жашаган Жерден кем калышпаган, өзүнчө табышмактуу чоң дүйнө.

Мына ошол жылдыздарды Чыгыштын улуу астроному Мырза Улукбек алгачкы ирет изилдеген. Анын атасы Шахрухтун бай китепканасы болгон. Улукбек аларды окуп, аалам сырларын үйрөнгөн.




Текст канча сүйлөмдөн түзүлдү? Ар бир сүйлөмдө канча сөз бар? Бул сөздөрдү муунга бөлүп окугула.

Түндө, асмандан, жылдыздарды, кумурскадай, жашаган, табышмактуу, Улукбек, китепканасы, сырларын, үйрөнгөн.



**14-көнүгүү.** Окугула. ***е, ё, ю, я*** тамгалары кандай тыбыштардан түзүлөт?

Чие, кесе, терек, жер, ёлка, коёт, чоёт, коён, боёк, тоют, аюу, уюк, суюк, куюн, таяк, уя, кыяк.



Үлгү: *коён – к-о-й-о-н.*

**15-көнүгүү.** Текстти окуп, эки тыбышты билдирген тамгалар катышкан сөздөрдү тапкыла. Мазмунун айтып бергиле.

## АТАНЫН СӨЗҮ – АКЫЛДЫН КӨЗҮ

Чоң атам менен чоң энем айткан бул сөздөрдү алиге чейин көңүлүмө бекем түйүп жүрөм. Бир иш жасаарда оюма кылт этет.

– Чымчыктын уясын бузба, каргайт.

– Балапанды колуң менен кармалай бербе, колуңдун уусу өтөт.

– Жаш көчөттү сындырба, убал.

– Кумурсканын уюгун бузба, ал да үйү бузулган адамдай ыйлайт.

– Чакпаган жыланды өлтүрбө, тукумдары өч алат.

– Таза сууну булгаба, кесир болот.

– Минген атыңды башка чаппа, ал жолуңдан адаштырат.

## ТЫБЫШТАРДЫН БӨЛҮНҮШТӨРҮ. ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР



Үндүү тыбыштарды айтканда аба ооз ичинде эч кандай тоскоолдукка учурабай эркин чыгат.

Мисалы: *а, (е), о, ө, ы, и, у, ү.*

*Аа, ээ, оо, уу, өө, үү.*

**16-көнүгүү.** Тыбыштардын аталыштарын салыштырып, алардын айырмачылыгын аныктагыла.

а, о, ө, ы, и, у, ү, э.
б, в, г, д, ж, з, й, к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, х, ч, ш, щ, ц.

**17-көнүгүү.** Сүрөттөргө көңүл бургула. Алардын аттарын атап, кайсы тыбыш кандайча айтылганын салыштырып түшүндүргүлө.





**18-көнүгүү.** Сөздөрдөн жалаң үндүү тыбыштарды таап жазгыла да, аны түшүндүргүлө.

Дүкөн, автобус, кыргый, карагат, өрмөк, балык, сагыз, ачкыч, сабак, учкуч, устара, үкү, күчүк, өсүмдүктөр, өркөч, керебет, кездеме.

**19-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү үндүү тыбыштарды коюп жазгыла да, түшүндүргүлө.

Б . йпак, в . г . н, д . рб . з, л . мп . чк ., к . рг ., т . ңг . к, ф . бр . к ., ц . рк . ль, ц . м . нт, п . хт ., т . рн ., н . н, щётк . .

**20-көнүгүү.** Ырды окугула, чекиттин ордуна тиешелүү үндүү тыбыштарды койгула. Маанисин айтып бергиле.

## ДАРЫ ТАПСАМ

. з басат деп эмне . ч . н,
Чоң эн . мди көп . йлойм.
Кар . тпай тез жашартар,
Дар . тапсам деп ойлойм.
Көп-көп . мүр с . рсө дейм,
Куун . к өмүр с . рсө дейм.
Б . здин кызык с . здөргө,
Бүлк-бүлк . тип күлсө дейм.
. ңсеп ошол к . н үчүн,
. ч үзүлб.йт үмүтүм.
К . ралдым деп, ч . ң энем,
Каалайм к . п ж . л жүрүшүн.



**21-көнүгүү.** Сөздөрдөгү көп чекиттин ордуна кайсы үндүүлөрдү коюуга болорун айткыла да, дептериңерге жазгыла.

К . т . п, м . ш . н ., к . п, ч . п, к . зг ., б . л . т, ж . мг . р.



**22-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна үндүүлөрдү коюп, кандай жаңы сөздөр жаралгандыгын айткыла.

К . л, б . л, . т, м . л, б . л . т, б . л, к . л . т, . к, к . л . м, т . л . ., к . з.



**23-көнүгүү.** Сөздөрдү окугула. Окуганда эрин менен тишиңер кандай абалда болгонун байкагыла. Алар кайсы тыбыштарды айтканда бири-бири менен тийишип айтылганын байкагыла.

Кант, бал, бала, жол, бурулуш, сабак, дем алыш, биринчи күн, стол, азыр, эртең, кулак, булак.



## ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР



Үнсүз тыбыштарды айтканда эриндер эринге жана тишке тийип, үн тоскоолдукка учурап айтылат.

Мисалы: ***б, м, ш, з, к, д, п*** *жана башка.*

**24-көнүгүү.** Чекиттердин ордуна кайсы тыбыштарды койсо, кандай сөз жараларын байкагыла. Анан дептериңерге көчүргүлө.

Кү ., гү . , ай . ек, таба ., . озу, у . ак, о . ун, кийи .. (л, н, к, м, т,).



**25-көнүгүү.** Ырды окугула. Тапшырманы аткаргыла.

## ТАШ БАКА



«Үнүмдү бийик чыгарып,
Күрү-гүү-чуу салбайын.
Катуу басып кокустан,
Жерди жарып албайын»,
Деп ойлонуп, таш бака,
Араң эле кыбырайт.
Секин,
Секин,
Секин – деп,
Балдарына шыбырайт.

*К. Жунушев*

Ырды мелдешип, көрктүү окугула. Анда эмне жөнүндө сөз болгонун айткыла. Каалаган саптардан үндүү жана үнсүз тыбыштарды таап, ошол сөздө канча үндүү, канча үнсүз тыбыш бар экенин ажыратып түшүндүргүлө.

**26-көнүгүү.** Макалдарды толуктап айткыла.

Ар кандай кеңешти ..,
Керегин .. .
*(ал, ук)*

Коркок ...... коркот,
Жалкоо ..... коркот.
*(иштен, түштөн)*

Эне-атаңды сыйласаң,
Күндө аласың ....... .
Эл-журтуңду сыйласаң,
Түзөйт сенин ....... .

*(катаңды, батаңды)*

**27-көнүгүү.** Өзүңөр каалаган үй буюмдардын атын жазгыла. Алар канча тамга, канча тыбыштан турарын, аларда канча үндүү, канча үнсүз тамга бар экендигин айтып бергиле.

## ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАРДЫН БӨЛҮНҮШҮ. ИЧКЕ ҮНДҮҮЛӨР

Кыргыз тилиндеги ичке үндүүлөр булар: ***э (е), ө, и, ү.***

Мисалы: *элик, элек, өрүк, күчүк.*

**28-көнүгүү.** Ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Күрөк, ичик, тон, элек, карапа, күлүк, муздаткыч, терезе, айнек, чака, таш бака, береке, көпүрө, араба.

**29-көнүгүү.** Ичке үндүүлөр катышкан сөздөргө беш мисал келтиргиле.

**30-көнүгүү.** Чекиттердин ордуна кайсы үндүү жазылат? Тууралап жазып, дептериңерге көчүргүлө.

Б . рк . т, к . з . нд ., ж . з . м, . р .  к, г . лз . р, . л . ч . к, т . ш . м, м . г . л . м, Т . шк . нт.



**31-көнүгүү.** Ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла.

Бала, күлүү, кыйын, кол, эне, тур, болуу, булоо, кобур, сузгу, тапкыч, тоо, тоодой, ойдо, куу, түлкү, терек, күн, өрдөк, берешен, жер.



**32-көнүгүү.** Сүрөттөргө карап, үч-төрт сүйлөм түзгүлө.





**33-көнүгүү.** Ырды окугула, тапшырманы аткаргыла.

## МЕЗГИЛ ЫРЫ

Бака чардап, күн жылып,
Муз жарылып, кар эрип.
Жайнап түркүн гүл чыгып,
Жер кулпунат бой керип.
Өзгөрүп турган ай ушул,
Бул кай мезгил, кай учур?
Асман ыйлап, жаш чыгып,
Жамгыр төккөн себелеп.
Эгин кылка баш алып,
Жемиш бышкан мөмөлөп.
Кубулуп турган ай ушул,
Бул кай мезгил, кай учур?

*А. Токтомушев*



1. Ырды шар, көрктүү окугула. Эмне жөнүндө экенин айтып бергиле. Кайсы мезгилде жер бети кандай өзгөрөт экен?
2. Каалаган сөзүңөрдү алып, аларга тыбыштык талдоо жүргүзгүлө.



# ЖООН ҮНДҮҮЛӨР




Кыргыз тилиндеги жоон үндүүлөр булар: ***а, ы, о, у.***

Мисалы: *алма, топ, Улан, кыш.*

**34-көнүгүү.** Сөздөрдү салыштырып окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

| | | |
|---|---|---|
| ат – ит – эт | кат – кет – кит | бат – бет |
| от – өт | оз – өз | соз – сөз |
| кут – күт | тут – түт | уз – үз |




1. Сөздөрдү айтканда бири-биринен айырмаландыбы?
2. Мазмунунан айырмаландыбы же айтылганынан айырмаландыбы?
3. Андагы үндүүлөрдүн өзгөчөлүктөрү кандай экен?
4. Бул сөздөрдү катыштырып бир нече сүйлөм түзгүлө.

**35-көнүгүү.** Жоон жана ичке үндүү тыбыштардан турган сөздөрдү өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.

1. Күн салкындады. 2. Дарактардын жалбырактары кызарды. 3. Мен эртең менен эрте

турдум. 4. Гүлай көйнөгүн үтүктөдү. 5. Асманда күн чайыттай ачык. 6. Жылдыздар булуттан көрүнбөйт. 7. Өзөндө суунун дабышы даана угулат.



**36-көнүгүү.** **«Менин досум»** деген темада аңгеме түзгүлө.



**37-көнүгүү.** Сүрөттөгү жашылча-жемиштердин аттарын атап, кандай үндүүлөр катышканын айткыла.





Айрым учурда бир эле сөздө жоон жана ичке үндүүлөр учурайт.

Мисалы: *мугалим, сабиз, маки.*

**38-көнүгүү.** Макалдарды окугула. Маанисин түшүндүрүп, айтып бергиле. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды таап айткыла.



Адептүүлүк – адамдын көркү.

Пейили кеткен адамдын,
Казанынан аш кетет.

Жакшыга – бир сөз,
Жаманга – миң сөз.

Жакшы адам жалган айтпайт,
Жалган айтса да пайда таппайт.



**39-көнүгүү.** Өз алдыңарча «Айым-күнүм – ата-энем» деген темада оозеки аңгеме түзгүлө. Андагы жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап, түшүндүрүп бергиле.



## КЫСКА ЖАНА СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР
## КЫСКА ҮНДҮҮЛӨР



Кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштар үндүн узундугуна жараша созулма жана кыска болуп бөлүнөт.

Кыска үндүүлөр: ***а, ы, о, у, ү, э (е), и.*** *(8)*

Созулма үндүүлөр: ***аа, оо, өө, уу, үү, ээ.*** *(6)*

Үн созулбай кыска айтылса, булар кыска үндүүлөр болот. Кыска үндүүлөр экиге бөлүнөт:

ичке үндүүлөр: ***э(е), и, ө, ү;***

жоон үндүүлөр: ***а, о, у, ы.***

**40-көнүгүү.** Сөздөрдү окугула, алардын маанилик жана тыбыштык айырмасын байкагыла да, айтып бергиле.

эн – ээн
эр – ээр
ор – оор
бор – боор

тан – таан
жан – жаан
өн – өөн
ук – уук

**41-көнүгүү.** Өз алдыңарча **«Апама жардам берем»** деген темада аңгеме түзгүлө.



**42-көнүгүү.** Табышмак-ырды окуп, көп чекиттин ордуна тамга коюп, тууралап айткыла.

БУЛАР ЭМНЕ «УУ» ЛАР?

Суюк болсо – . уу,
Ысытса – . уу,
Чуулдаса – . уу,

Кол чабылса – . уу,
Учса – . уу,
Көтөрсө – . уу.

*Ы. Кадыров*



# СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР



Созулма үндүүлөр эки кыска үндүү тыбыштын катар айтылышы жана жазылышы менен белгиленет. Аларды айтканда үн кыска үндүүлөргө караганда эки эсе созулуп айтылат.

Мисалы: *а + а = аа, о + о = оо.*

Созулма үндүүлөр: ***аа, оо, уу, ээ, өө, үү.***

**43-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөгү бош калган тыбыштардын ордуна кайсы созулма же кыска үндүүлөр келерин байкагыла да, толуктап дептериңерге көчүргүлө.

1. Өзбекстанда жай абд . н ысык болот. 2. Күз келгенде аба с . лкын болот. Жайында гана эмес к . зүндө да быша турган жашылчалар, мөмөлөр бар. Күздүн аягына барып дарактардын жалбырактары сарг . ят жана төгүл . т. К . штар ысык өлкөлөргө учуп кетишет. 3. Т . . лай эртеңки сабактарына даярданды да, досуна кетти. 4. 4-класстын окуучулары дем алышта т . . го барышты. Т . . до көңүлд . . эс алышты. 5. Кымыз б . . нин сүтүнөн жасалат.





**44-көнүгүү.** Сүрөттүн негизинде балдарга ат коюп, аңгеме жазгыла. Темасын өзүңөр тандагыла.

**45-көнүгүү.** Өз алдыңарча **«Мен зоопаркта эмне көрдүм?»** деген темада аңгеме түзгүлө. Аңгемеңерде созулма үндүү катышкан сөздөр болсун.



## ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР



Кыргыз тилинде жумшак үнсүз менен жумшак үнсүз, каткалаң үнсүз менен каткалаң үнсүз гана катар келип айтылат.

М и с а л ы: *ыр-да, бар-бы, жат-ты, карыш-кыр.*

Кыргыз тилиндеги жумшак үнсүздөр: ***б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р.***

Ал эми каткалаң үнсүздөр болсо: ***к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.***

**46-көнүгүү.** Бул сөздөрдү окугула. Алар айтылышы боюнча кандай айырмаланды? Эмне үчүн мааниси өзгөрдү? Ойлонуп, айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| бар – пар | зал – сал |
| бай – пай | замат – самат |
| дагы – тагы | багыт – бакыт |
| дарак – тарак | байга – байка |



**47-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөгү жумшак үнсүздөр менен башталган жашылча-жемиштердин аттарын бир башка, каткалаң үнсүздөр менен башталып жазылгандарын өзүнчө бөлүп жазгыла.

1. Базарда дарбыз, коондор батпайт. 2. Асел дүкөндөн капуста жана сабиз сатып алды. 3. Жамал алма менен анарды жакшы көрөт. 4. Кечээ биз жүзүм багына бардык. 5. Пахта терүү кызуу башталды. 6. Картошка

да, түрп да ден соолукка пайдалуу. 7. Базарда алмуруттун бир килограммы бир миң эки жүз сум экен. 8. Жаздын биринчи жемиштеринен бири бул – кулпунай.

**48-көнүгүү.** 1. Сүрөткө карап, чакан аңгеме түзгүлө. Андагы жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү таап, талдап бергиле.



**49-көнүгүү.** Сөз ичинде бири-бирине катар келип жазылган жумшак жана каткалаң үнсүздөргө бештен сөз жазгыла.



**50-көнүгүү.** Сөздөрдү окугула. Жогорку үлгүгө карап, тыбыштык талдоо жүргүзгүлө.

Ыракмат, адептүү, Гүлзат, эчки, чымчык, апамдын, балапанды, нанга, кумурска, балдар, тырмак, балмуздак, бакча, дарбыз, алмурут, кызылча, сабизден, маңдайы, кирпик, аттанып, дүкөндөн, базарга, карга.



Өз алдыңарча **«Ата Мекен – алтын уя»** деген темада аңгеме түзгүлө. Андагы каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөрдү таап, ал үнсүздөрдүн кантип айтыларын түшүндүргүлө.



## ОРУС ТИЛИНЕН КИРГЕН ТАМГАЛАР, АЛАРДЫН АЙТЫЛЫШЫ ЖАНА ЖАЗЫЛЫШЫ



Кыргыз тилине орус тили аркылуу кирген тамгалар төмөнкүлөр: ***в, ф, ц, щ, х.***

Мисалы: ***вагон, фабрика, цемент, щётка, хор.***

**51-көнүгүү.** Сөздөрдөгү ***в, ф, х, ц, щ*** тамгаларынын туура окулушун түшүндүргүлө.

Вокзал, циркуль, щётка, центнер, фартук, форма, фамилия, цистерна, январь, ванна, Вали, паровоз, пароход, автор, авиация, завод, завуч, волейбол, велосипед.



Кайсы тамгалар кандай айтылат? Өзгөчө ***в, ц, щ, ф, х*** тамгаларын айтканда тил, тиш, эриндериңер кандай абалда болду?

**52-көнүгүү.** ***В, п*** тамгалары катышкан сөздөрдү колдонуп сүйлөм түзгүлө.



**53-көнүгүү.** Үйдөн орундары алмашкан сөздөрдөн сүйлөм түзүп келгиле.

1. Көп  Ташкентте.
2. Чертишти  балдар.
3. Асан барды. 



# *К, Г, Ж* ТАМГАЛАРЫ, АЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШ ЖАНА ОКУЛУШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ



Жоон ***а, ы, о, у*** тыбыштары менен катар келгенде ***к*** тыбышы *кы* болуп окулат жана айтылат.

**а**, **ы** → **к**

**о**, **у** → **к**

Мисалы: *Акыл. Оку.*

**54-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү окугула жана андагы ***к*** тыбышынын угулушун айырмалагыла.

| | |
|---|---|
| ак – эк | ашык – эшик |
| калат – келет | кут – күт |
| бакыт – бекит | кубул – күбүл |



**55-көнүгүү.** Сөздөрдүн ичинен ***к*** тыбышынын ***кы*** болуп айтылгандарына мисал таап айткыла жана түшүндүргүлө.

Күз, жалбырак, күн, кыска, каникул, салкын, күчүк, комуз, түндүк, бычак, кичинекей, кубаныч, кыз, улак, күзгү, кийим, илгич, Касымкул, булак, көз айнек, аркан, кулак, көз, эшик.





Ичке ***ө, ү, э, и*** тыбыштары менен катар келгенде, ***к*** тыбышы ***ки*** болуп окулат жана айтылат.

ө, ү → к        э(е), и → к

Мисалы: *өкчө, эчки, чүкө.*

**56-көнүгүү.** Макалдардан ***к*** тыбышынын ***ки*** болуп айтылгандарына мисал тапкыла жана түшүндүргүлө.

Бардык күч – чындыкта.
Ак болсоң ант ичпе.

## АМИР ТЕМУР БАБАБЫЗДЫН НАСААТ СӨЗДӨРҮ

Достук – бардык байлыктардан кымбат.

Досуңду кыйын күндө сына.

Достук сыноодо билинет.

Жакшы киши калааны курат,
Жаман киши калааны бузат.

Жакшы сөз уккуң келсе, жаман айтпа.



**57-көнүгүү.** **«Спорт – ден соолуктун кепили»** деген темада чакан аңгеме жазгыла. Текстте ***кы, ки*** тыбыштары көбүрөөк кездешкендей болсун.



**58-көнүгүү.** Сөздөрдү салыштырып окугула. Андагы ***ж*** тыбышынын айтылышын байкагыла. Өзүңөр каалаган беш сөздү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

| | |
|---|---|
| жылан | журнал |
| жашыл | гараж |
| жамгыр | багаж |
| жалбырак | манеж |
| жамыра | Женя |
| жүгөрү | Жанна |
| жүзүм | Женева |
| жупка | Жаклин |



***Ж*** тамгасы эки түрдө окулат. Эне тилибиздеги сөздөрдө ***ж*** болуп айтылат.

Мисалы: *жакшы, жаман, жылан.*

Башка тилден кирген сөздөрдө ***ж*** тыбышы үндүүлөргө карата жумшарып айтылат.

Мисалы: *журнал, гараж, Женя.*



**59-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андагы көп чекиттин ордуна ***ж*** тыбышын коюп, анын кандай айтыларын түшүндүргүлө.

1. Байкем жаңы . урнал алып келди. 2. Менин эжемдин аты . амал. 3. . алал менен . амила бир көчөдө жашашат. 4. Өзбекстандын . ери көлдөргө . ана сууларга бай. 5. Биз зоопарктан .ирафты көрдүк. 6. Күзүндө . аан көп . аайт, күн салкындайт. 7. Базарларда . ер-. емиштер батпай . айнайт.



**60-көнүгүү.** Текстти окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

## АТАКТУУ СҮРӨТЧҮ

Урал Тансыкбаев – Өзбекстандын эл сүрөтчүсү. Ал абдан көп сүрөт тарткан. Аты дүйнөгө белгилүү Урал Тансыкбаевден:

Эң жакын адамдарыңыз кимдер? – деп сурашыптыр.

– Ата-энем, мугалимдерим, тууган-туушкандарым, – деп жооп бериптир атактуу сүрөтчү.

– Дүйнөдө эмне кымбат? – деп адамдар дагы суроо беришиптир. Ошондо Урал Тансыкбаев:

– Достук, перзент, эне, ден соолук кымбат, – деп жооп бериптир.



***К, г, ж*** тыбыштары катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла да, тыбыштардын айтылышына жана жазылышына талдоо жүргүзгүлө.



**61-көнүгүү.** Санак-ырды окугула, жаттап алгыла. Бөбөгүңөргө беш манжа жөнүндөгү ырды айтып берип, ойноткула.

## БЕШ МАНЖА

Баш бармак, бадал иймек,
Ортон оймок, оюу чиймек,
Чып-чыпалак, чычайган арам тамак.
Сен тур – коюңа бар.
Сен тур – козуңа бар.
Сен тур – уюңа бар.
Сен тур – кулунуңду байла.
Сен тур – оюнуңду ойно.

*Кыргыз эл ыры*



Дагы ушундай санак-ырларды ата-энеңерден сурап, үйрөнүп алгыла.



# ИЧКЕРТҮҮ (Ь) ЖАНА АЖЫРАТУУ (Ъ) БЕЛГИЛЕРИ

**62-көнүгүү.** Бул сөздөрдү салыштырып окугула. ***ь, ъ*** белгилерин окуганда өзүнчө тыбыш чыгат бекен, чыкпайт бекен, жакшылап байкагыла. Окуп, түшүндүрүп бергиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| кроват | кровать | палто | пальто |
| конки | коньки | январ | январь |
| календар | календарь | медал | медаль |
| июл | июль | циркул | циркуль |



Ичкертүү ***(ь)*** белгисин айтканда өз алдынча тыбыш чыкпайт.

Алар орус тилинен кирген сөздөрдө учурайт да, сөздөр жана муундар жумшарып угулат.

М и с а л ы: *медаль, пальто, циркуль.*

Сөздүн аягында мүчө уланганда, ичкертүү белгиси түшүп калат.

М и с а л ы: *медаль – медалды, циркуль – циркулду.*



**63-көнүгүү.** Тексттеги сүйлөмдөрдү окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдүн айтылышына көңүл бургула. Андагы *ь* белгиси катышкан сөздөрдү айтканда кандай болуп өзгөрүлүп айтылды?

# ЖЫЛДЫН МЕЗГИЛДЕРИ

**Сентябрь, октябрь** жана **ноябрь** – күз айлары. **Ноябрда** күз айы аяктайт. **Декабрь** айы – кыштын башталышы. Кыш айларына **декабрь, январь, февраль** айлары кирет. Март айы менен жаз башталат. Март, **апрель** жана май айлары жаз айларына кирет. Жер бети гүлгө оронуп, жемиштер гүлдөйт. Жаратылыш кулпунуп көркүнө келет.

Жай айларына **июнь, июль,** август айлары кирет.



**64-көнүгүү.** Окугула. Көп чекиттин ордуна ичкертүү ***(ь)*** белгиси коюларын же коюлбасын түшүндүргүлө. Сүйлөмдөрдү тууралап көчүргүлө.

1. Жакында элибизге эмгеги сиңген көптөгөн адамдарга «Достук», «Шухрат» ордендери жана медал . дары ыйгарылды. 2. Мага байкем жаңы кон . ки сатып алып берди. 3. Биз бөбөгүмдүн туулган күнүндө ага белекке сүрөттүү ал . бом бердик. 4. Биздин үйдө улуу акын Токтогулдун сүрөтү тартылган календар . бар.



Ажыратуу **(ъ)** белгиси орус тилинен кирген гана сөздөрдө угулат. Ал дагы өз алдынча тыбышты бербейт.



**65-көнүгүү.** Бул сөздөрдү туура айтууга жана жазууга үйрөнгүлө. Өзүңөр да ушундай сөздөрдөн таап, улантып жазып келгиле:

**подезд** эмес – **подъезд**
**разезд** эмес – **разъезд**
**обиект** эмес – **объект**
**адиютант** эмес – **адъютант**



## ТҮГӨЙЛҮҮ (Б – П, В – Ф, Г – К, Д – Т, Ж – Ш, З – С) ТЫБЫШТАР

**66-көнүгүү.** Бул сөздөрдү окуп, тапшырманы аткаргыла:

алып бер – алып пер
алып бар – алып пар
азыр – асыр
жаз – жас
муктаж – мукташ

гараж – гараш
кара кой – кара гой
дарбыз – тарбыз
вафли – бафли
фабрика – ваврика




1. Сөздөр бири-биринен эмнеси менен айырмаланды?
2. Алардын кайсынысы туура деп ойлойсуңар?
3. Эмесе, ошол туура деген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.




Кыргыз тилинде айтылышы бири-бирине үндөш тыбыштар ***(з – с, б – п, ж – ш, г – к, д – т, в – ф)*** бар. Аларды **түгөйлүү тыбыштар** дейбиз.

**67-көнүгүү.** Окугула. Андагы биз жаңы таанышкан түгөйлүү тыбыштарды, сөздөрдү өзгөртүп жазып, далилдеп бергиле.

Бай, бас, каз, аз, мажбур, манеж, багаж, бадырак, адыр, ферма, фасон, сызгыч, жазуучу, бузук, көл, көз, ысык, узун, дептер, кыргыз, өзөн, дандыр, дурус, бүдүр, Асанов.

**68-көнүгүү.** Макал-лакаптарды окугула. Маанисин түшүнүп, туура айтылышын байкагыла.

1. Элин сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт. 2. Ой – сөздүн булагы. 3. Сиз деген – сылык сөз, сен деген – сенек

сөз. 4. Катуу сөз жүрөккө барып таш болот. 5. Сөз атасы – ыр, сөз катасы – чыр.

**69-көнүгүү.** Өз алдыңарча окуган ыр, жомок же аңгемеден түгөйлүү үнсүздөрдү тапкыла. Ким көптү тапса, ошол утат.

**70-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула. Үндүү жана үнсүз тыбыштарды ажыраткыла.

## КҮЗДӨ

Керилген жер бети,
Алтындай келбети.
Тоо болуп жыйналат.
Эмгектин бермети.

Жалбырак дирилдейт,
Өткөн күн билинбейт.
Шымаланган дыйкандар,
Түшүмгө күлүңдөйт.

*А. Токомбаев*

**71-көнүгүү.** Үйдөн өз алдыңарча 6 сүйлөм түзүп келгиле. Андан түгөйлүү үнсүздөрдү тапкыла.

# II ЧЕЙРЕК

## ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАР
## *(Е, Ё, Ю, Я)*

**72-көнүгүү.** Бул мисалдарды салыштырып окуп, айтылышын жана жазылышын байкагыла:

| | |
|---|---|
| койон – коён | тайак – таяк |
| айуу – аюу | чийе – чие |
| куйун – куюн | майак – маяк |
| айак – аяк | кыргыйек – кыргыек |



Йоттошкон ***е, ё, ю, я*** тамгаларынын айтылышы жана жазылышы мындай:

| | |
|---|---|
| е – йе: | *кийет – киет* |
| ё – йо: | *бойок – боёк* |
| ю – йу: | *тойут – тоют* |
| я – йа: | *айак – аяк* |

**73-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, чекиттин ордуна йоттошкон тамгаларды тууралап жазып, дептериңерге көчүргүлө.

1. 1991-жыл 18-но . брь – Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик желеги кабыл алынган күн. 2. Күн батарда батыш жак кызыл бо . к менен бо . гондой кызарды.

3. Гүлстан кыштагы буурадай чамынган Сыр-дарыянын бо . на жакын жайгашкан. 4. Кыргы . к кыраан куштардын бири, ал келгин куштардын катарына кирет.



**74-көнүгүү.** Төмөнкү ребуска көңүл бургула. Бош айланага ***ё*** тамгасы катышкан кандай сүрөттү койсо болот?








Йоттошкон тамгадан кийин созулма тыбыш келсе, созулуңку айтылат жана төмөнкүдөй жазылат.

Мисалы: *оюу, коюу, боёо, таёо.*

**75-көнүгүү.** Накыл кептерди окуп, маанисин түшүнгүлө. Йоттошкон тамгалардын жазылышын үйрөнгүлө.



Жакшынын пайдасы тиет,
Жамандын кесепети тиет.

Кыз кыялы менен бааланат,
Уул өнөрү менен бааланат.

Эрди намыс өлтүрөт,
Коёнду камыш өлтүрөт.

Уялбагандан өзүң уял.

**76-көнүгүү.** Өзүңөр жашаган аймактын жаратылышы, кооздугу, жан-жаныбарлары тууарасында аңгеме түзүп, айтып бергиле.



**77-көнүгүү.** Табышмактарды окугула. Тилиңерди жатыктыргыла. Кара менен басылган сөздөрдүн айтылышына жана жазылышына талдоо жүргүзгүлө.

Тааныштары келгенде,
Такыр аны тоотпойт.
Чоочун бирөө келгенде,
Арсылдап үйгө жолотпойт.



Аш-тамагың **куюп** койсоң,
Анда турат ысык бойдон.



Бардык балдар ойногон
**Оюнунан** тойбогон.
Урган сайын секирет,
Жообун табат ойлогон.






1. Жоон үндүүлөр кайсылар? Ичке үндүүлөр кайсылар? Йоттошкон тамгалар бар бекен? Түшүндүргүлө.



# КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ ЖАНА ТАМГАЛАРДЫН АТАЛЫШЫ



Тамгалардын ирети менен жазылышын **алфавит** дейбиз.

Кыргыз тилинде 36 тамга бар. Алар төмөндөгүдөй жазылышат жана аталышат: Аа(а), Бб (бе), Вв (ве), Гг (ге), Дд (де), Ее (йе), Ёё (йо), Жж (же), Зз (зе), Ии (и), Йй (й), Кк (ка), Лл (эл), Мм (эм), Нн(эн), ң (эң), Оо (о), Өө (ө), Пп (пе), Рр (эр), Сс (эс), Тт (те),

Уу (у), Үү (ү), Фф (эф), Хх (ха), Чч (ча), Шш (ша), Щщ (ща), Цц (це), ь (ичкертүү белгиси), Ыы (ы), ъ (ажыратуу белгиси), Ээ (э), Юю (йу), Яя (йа).

**78-көнүгүү.** Сөздөрдү алфавит тартиби боюнча жазгыла.

Алмаз, Капар, Өмүрбек, Майрамкул, балык, Вали, Дүйшөн, ёлка, гүлкайыр, нан, Орозкул, пияз, Шайыр, цемент, ийнелик, Чыныбек, Ырыс, сайма, жийде.



**79-көнүгүү.** Өзүңөрчө алфавит тартибине ылайык идиш-аяктын жана кийим-кечелин аттарын жазып келгиле.



# БАШ ЖАНА КИЧИНЕ ТАМГАЛАР, АЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ



Алфавитти карагыла. Андагы чоң тамга менен жазылгандарды **баш тамга** дейбиз. Баш тамга менен ар бир жаңы сүйлөм жана энчилүү аттар башталып жазылат. Баш тамгаларга уланып жазылгандар кичине тамгалар болот.

**80-көнүгүү.** Булардын кайсылары баш тамгалар, кайсылары кичине тамгалар?

Аа, Тт, Кк, Вв, Ее, Жж, Пп, Рр, Фф, Чч, Үү, Ыы, Юю, Яя, Гг, Дд, Ёё, Зз, Өө, Оо.

**81-көнүгүү.** Үйдөн баш жана кичине тамгаларды катыштырып он сөз жазып келгиле.



**82-көнүгүү.** Текстти окуп, тапшырмаларды аткаргыла.

## БАЛДАРДЫН СҮЙҮКТҮҮ ЖАЗУУЧУСУ

Кыргыз балдары үчүн эң көп чыгарма жазган жазуучу атабыз – Кыргыз эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиев. Ал 1928-жылы Ак-Талаа районунда туулган. 13 жашынан баштап газетага кабарларын, аңгемелерин жазып чыгара баштаган.

Шүкүрбек Бейшеналиев бөбөктөр үчүн 30 га жакын китеп жазып, басмадан чыгарган. Ал эми 100 дөн ашык китеби башка тилдерде жарык көргөн. Китептеринин ичинен өзгөчө «Ак тайлак», «Табышмакчы Чынара», «Мүйүздүү козу» жана «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөөк» деген китептери өзгөчө кызыктуу. Анын чыгармаларын бөбөктөр сүйүп окушат.






1. Кыргыз балдарынын сүйүктүү жазуучусу ким экен? Ал балдар үчүн кандай китептерди жазыптыр?
2. Тексттен баш жана кичине тамгаларды ажыраткыла.



**83-көнүгүү.** Адамдын, айбанаттардын жана жердин аттарын өзүнчө бөлүп-бөлүп, эрежеси боюнча жазгыла.

Манас, аккула, короочу, айсарала, чалкуйрук, төштүк, алмамбет, телторат, ташкент, чырчык, бакай, кошой, хива, бухара, маргылан, фергана, сыргак, тайбуурул, алкара, акмат, алыкул, шүкүрбек, токтогул, жоомарт.




Бул адамдарды жана жер аттарын билесиңерби? Билишиңерче айткыла. Калганын ата-энеңерден сурап, билип келгиле.

**84-көнүгүү.** Текстти окуп, андагы баш жана кичине тамгалар менен жазылган сөздөрдү оозеки айтып бергиле.

Өзбекстанда канаттуулар көп. Алар бак-талаадагы курт-кумурскаларды жеп, бизге пайда келтирет.

Биз канаттуулардын майрамын өткөрөбүз. Мен анда булбул болуп сайраймын. Адыл — сагызган, Закир — торгой, Замира — ак куу болмокчу. Алыбек болсо бүркүт, чымчык, чабалекей, каргалардын аттарын айтмакчы.

Канаттууларды асырап, абайлагыла!

Алар биздин досторубуз.



**85-көнүгүү.** **«Биздин айыл»** деген темада чакан аңгеме жазгыла. Баш тамгалар менен жазылуучу сөздөрдү пайдалангыла, алардын кандайча жазыларын түшүндүрүп бергиле.



## СӨЗДҮ МУУНГА АЖЫРАТУУ

**86-көнүгүү.** Бул сөздөрдүн ыргагына жараша туура окугула да, аларды кантип муунга бөлүүгө боло турганын айтып бергиле.

Каалга, талаа, кыш, кар, тоолор, сагыз, түтүн, булут, булуттар, табылга, карагай, кечүү, булак, автобус, балыр, чөбөгө, эжигей, көбүргөн, карагай, бүлдүркөн, кичинекей, күүгүм, шапке, шашки, шахмат.



Сөздөр үндүүлөргө жараша ыргагы боюнча окулуп, муунга бөлүнөт.

Мисалы: *кө-лө-кө, жал-бы-рак, дөң-гө-лөк.*

Сөздөрдө канча үндүү тыбыш болсо, ошончо муунга ажырайт.

Бир үндүү болсо, ал сөз муунга бөлүнбөйт.

Мисалы: *тал, бал, көл, эл, сел.*

**87-көнүгүү.** Сөздөрдүн муундарга ажыратылышына көңүл бургула. Кайсынысы туура, кайсынысы туура эмес экендигин салыштырып, туурасын көчүрүп жазгыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| от-ун | о-тун | ча-йнек | чай-нек |
| чын-ы | чы-ны | кү-згү | күз-гү |
| каш-ык | ка-шык | тизг-ин | тиз-гин |
| кай-ык | ка-йык | чы-лбыр | чыл-быр |
| күй-үк | кү-йүк | араб-а | ара-ба |
| кит-еп | ки-теп | бу-удай | буу-дай |
| күр-үч | кү-рүч | жаңг-ак | жаң-гак |



**88-көнүгүү.** Үй буюмдарынын аттарынан онду жазып, аларды муундарга бөлүштүрүп келгиле.

Үлгү: *сан-дык, жуур-кан, ки-лем.*



# МУУНДУН ТҮРЛӨРҮ.
# АЧЫК МУУН



***А-па, а-та, та-мы, да-ны*** сыяктуу сөздөрдөгү муундар жалаң үндүүлөрдөн түзүлдү же үндүү тыбыштар менен аяктады. Ошондуктан алар **ачык муундар** деп аталат.

**89-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, муундарга бөлгүлө. Кайсынысы ачык муун экенин айтып бергиле жана түшүндүргүлө.

Китеп, алиппе, майда, акча, сонун, көлөм, утту, кубат, суу, Жаңыл, Айнагүл, сабак, сабат, Кубанычбек, газета, жаңы, мурут, сакал, катуу, ачылды, жабык, ачык, ачка, кызыл, роза, дары.



Уңгу сөздүн аягындагы ***к, п*** тыбыштары өзүнөн кийин мүчөлөр уланганда жумшарып, ***г, б*** тыбыштарына өтүп айтылат.

Мисалы: *булак – булагы. Тоонун булагы таза.*

*Көп – көбү. Биздин класста окуучулардын көбү «4» жана «5» ке окушат.*

**90-көнүгүү.** Бул текстти окуп, маанисин түшүндүргүлө. Ачык муундуу сөздөрдү таап, аларды муундарга бөлүп көрсөткүлө.

## АБАЙ



Абай Кунанбаев казак элинин белгилүү акыны. Ал элди биримдүүлүккө, ынтымактуулукка, билим алууга үгүттөгөн.

Абай жаштарды турмушта өз ордун табууга чакырган.

* * *

Агын сууда арам жок.

Адам катасыз болбойт,
Көл бакасыз болбойт.

Бала, баланын иши чала.

Үлгү: *Ба-ла, ба-ла-нын и-ши ча-ла.*




1. Абай Кунанбаев кайсы элдин белгилүү акыны экен?
2. Ал жаштарды эмнеге чакырган?

**91-көнүгүү.** 1. Сүрөткө карап, үй-бүлөдөгүлөргө ат койгула. Ой жүгүртүп, кырдаалга ылайык өзүңөрчө аңгеме түзгүлө. 2. Аңгемеңерде баш жана кичине тамгаларды кандайча жаздыңар? Айтып бергиле.





**92-көнүгүү.** Үй-орозгер буюмдарынын аттарынан онду жазып, аларды муундарга бөлүштүрүп келгиле.

Үлгү: *Ка-зан, ке-се, чы-ны.*



**93-көнүгүү.** Бул макалдарды окуп, маанисин түшүндүргүлө. Ачык муундуу сөздөрдү таап, аларды муундарга бөлүп көрсөткүлө.

## АТАЛАРДЫН СӨЗҮ



1. Абийириңди жашыңдан сакта.
2. Эмгек адамды багат,
   Жалкоолук кордукка салат.

3. Билгениң миң болсо, билбегениң түмөн.
4. Жакшы адам эл камы үчүн күйүнөт.
5. Кеп чынынан бузулбайт.
6. Көз коркок, кол баатыр.
7. Көлөкөгө карап тон бычпа.
8. Жалкоонун жаздыгы жамбашында.

**94-көнүгүү.** Схема боюнча ачык муунга бир нече мисал келтиргиле.





**95-көнүгүү.** Үйдөн ачык муундуу сөздөрдү катыштырып, **«Күзгү кечте»** деген темада чакан аңгеме жазып келгиле.



## ЖАБЫК МУУН



Үндүү тыбыш менен башталып, үнсүз тыбыш менен аяктаган муун **жабык** (◑●) **муун** деп аталат.

Мисалы: *ат, от, эт, ит.*

**96-көнүгүү.** Муунга бөлүнгөн бул сөздөрдү салыштырып окугула. Биз мурда үйрөнгөн ачык муундуу сөздөрдөн айырмасы бар бекен? Болсо эмнеде? Далилдеп айтып бергиле.

| | | |
|---|---|---|
| ай | ак | ат-та |
| уй | ук | өп-кө |
| ой | оор | эт-түү |
| ич | ит | иш-түү |
| уч | ун | уч-каш |
| эр | ээр | эс-түү |
| ыр | ай | ыз-гаар |



**97-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула, андан кара тамга менен басылган сөздөрдү муундарга бөлүп, үлгүгө карап иштегиле.

1. Кана эмесе, жигиттер, **аттангыла.** 2. Касым **отту** ичкертип отурат. 3. Улууңар **утсун,** – деп Акылбек балдарынын катарына отурду. 4. Сабырдын атасы – узун бойлуу, **эткээл** киши. 5. Айнагүл – **эстүү** жана **иштүү** кыз.

Ү л г ү:

*Ачык муун*



ба-ла

*Жабык муун*



ат



**98-көнүгүү.** Ачык жана жабык муундан турган сөздөрдөн он мисал жазгыла.

Ү л г ү: *эр-те, ас-ка.*

---



Созулма үндүүлөр бир гана муунду түзүшөт.

М и с а л ы: *жаа, тоо, та-лаа, күү-лүү, жаан-чыл, э-лүү.*

---

**99-көнүгүү.** Окугула. Ачык жана жабык муундан турган сөздөрдү таап айткыла.



1. Ачуулуунун алдынан чыкпа.
2. Аш кадырын ачыккан билет.
3. Ырыс алды – ынтымак.
4. Сөз айтсаң далилдүү айт.
5. Колуңду силкпей сүйлө.
6. Отун албаганга от жактырба.
7. Көп ойлоп, аз сүйлө.
8. Жалган айтып, жакшы көрүнөм деп ойлобо.
9. Оюндан от чыгат, оромпойдон бут сынат.
10. Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
11. Билимдүүгө дүйнө жарык.

Ким канча созулма үндүүлөргө сөз табат?

**100-көнүгүү.** Өзүңөр үйдөн созулма үндүүлөр катышкан алты сөз таап жазып, аларды катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө.

## ТУЮК МУУН

Муундун башындагы тыбыш да, аягындагы тыбыш да үнсүздөн болсо, ал **туюк муун** деп аталат.

Мисалы: *бал, бал-дар, көл, көл-мөк.*

**101-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү үн ыргагына жараша окуп, муундарга бөлгүлө, канча жана кандай муундан экенин аныктагыла.

Калпак, таштак, көлчүк, сандык, жандык, жаздык, күздүк, баштык, балдар, күндүр-түндүр, чайнек, быштак, кыштак, бардык, гүлдөр, балалык.

Үлгү: *кал-пак, дан-дыр.*

Булардын ичинде ачык, жабык муундуу сөздөр бар бекен? Туюк муундуу сөздөрдүн ачык, жабык муундуу сөздөрдөн эмне айырмасы бар?

**102-көнүгүү.** Бул сөздөрдү муундун түрлөрү боюнча үлгүгө жараша бөлүштүрүп жазгыла.

Ары, араа, аары, баары, муз, муздак, кылтак, атыр, күрүч, намыс, булак, була, чатыр, баатыр, кубан, диктант, мактан, чач, кымыз, жарык, түндүк, күндүк, укмуш, Алтынай, витамин.

Үлгү: ◑ – ●◑◑ ●◑ – ●◑●

а-раа күрүч → кү-рүч

●◑ – ●◑● ●◑ – ●◑

жа-рык бу-ла

**103-көнүгүү.** Сүрөткө карап, аңгеме түзгүлө. Аңгемеге ат койгула.





**104-көнүгүү.** Үй жана жапайы айбанаттардын аттарынан онду жазып, муундук талдоо жүргүзгүлө.



## СӨЗДҮ ТАШЫМАЛДОО



Жазып жатканда сапка батпай калган сөздүн муунун жаңы сапка ташып жазабыз. Муну **ташымалдоо** деп атайбыз. Мисалы: *Өзбекстандын жайлоолору килемдей кооз.*

Сөздөр муундарга бөлүнүү менен ташылып жазылат. Алардын төмөндөгүдөй эрежелери бар.

1. Бир муундуу сөз ташылбайт, бирге жазылат.
Мисалы: *кат, көз, иш, үй, тарс.*

2. Созулма үндүүлөр бөлүнбөйт.
Мисалы: *э-эр* эмес, *ээр; са-ан* эмес, *саан.*

3. Сөз башындагы же аягындагы бир тамга бөлүнүп ташылбайт.
Мисалы: *а-бышка же абышк-а болуп ташылбайт.*

4. Катар келген үнсүздөр муундарга жараша бөлүнүп ташылат.
Мисалы: *тон-на, от-тук, ап-пак.*

**105-көнүгүү.** Төмөндөгү текстти окуп, каалаган он сөздү ыргагына карай бөлүп, ташып жазгыла.

## КУМУРСКА МЕНЕН КӨГҮЧКӨН

Кумурска суусап, суунун жээгине келди. Суунун толкуну кумурсканы жайпап кетип, ал суугa чөгүп кете жаздады. Бул учурда көгүчкөн бутак тиштеп учуп келе жаткан. Ал кумурсканын суугa чөгүп баратканын көрүп, бутагын суугa таштап жиберди.

Кумурска бутакка жабышып, чыкты. Кийин бир аңчы көгүчкөнгө тор жайып, аны кармап аларда кумурска акырын жөргөлөп келип, аңчынын бутун чагып алды. Аңчы чочуп кетип, торун колунан түшүрүп жиберди. Көгүчкөн аман-эсен учуп кетти.



**106-көнүгүү.** Кайсы сөз туура эмес ташылганын таап, түшүндүргүлө жана тууралап ташыгыла.

1. Бир-инчи ка-р жаады. Айл-ана ап-пак шейш-еп жам-ынды. Кыш ошон-усу мен-ен кооз кө-рүн-өт. 2. Куб-ат ме-нин до-су-м. Ал бар-дык са-бак-тар-ын жа-лаң беш-ке о-куйт. Экөө-бүз би-рин-чи клас-стан бер-и дос-пуз.



**107-көнүгүү.** Текстти көрктүү окугула, тапшырмаларды аткаргыла.

## МУРАС

*(жомок)*

Качандыр бир **заманда** абышка-кемпир болуптур. Алар дүйнөдөн өтүшкөндө, балдарына **заңгыраган** там, толгон оокат-мүлк, короо толгон мал калат экен. Үч баласы, алардан мураска калган байлыкты бөлүшө албай **талашышат**.

– Мен – **улуусумун**. Үйдү мен алайын, – дейт, улуу **баласы**.

– Жок, үйдү мен алам, сен **малды** ал, – деп ортончусу талашат.

– Мага өлүү **оокаттын** кереги жок. Атабыз абдан **мээнеткеч** эле. Энебиз **мээрман** эле. Мен ошол **атабыздын** мээнеткечтигин, **энебиздин** мээрмандыгын алайын. Калган оокатын мен өзүм таап алам, – **дептир** кичүү баласы.




1. Кара тамга менен басылган сөздөрдү ыргагына карай бөлүп, ташымалдап жазгыла. 2. Ата-энесинен балдарга кандай мурас калыптыр? 3. Кимиси кайсы мураска ээ болууну самайт экен? 4. Силер кайсы баланын айтканын туура деп ойлойсуңар?

**108-көнүгүү.** Схема боюнча үлгүгө карап сөздөрдү жазгыла.

Ү л г ү: *ат, топ.*



## СӨЗДӨРДҮН КУРАМЫ. СӨЗДӨРДҮН УҢГУ ЖАНА МҮЧӨГӨ БӨЛҮНҮШҮ

Сөздөр маани берүүчү (негизги) жана аны өзгөртүүчү (жардамчы) бөлүктөрдөн турат.

М и с а л ы: *килем, килем-че, килем-дей; бир, бир-дей, бир-дик, бир-инчи.*

*Байкагыла:* Мындагы сөздөрдүн *-че, -дей, -дик, -инчи* деген бөлүктөрү маани берген жок. Туурабы? Алар сөздүн жардамчы бөлүктөрү болуп эсептелет.

**109-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү окугула да, тапшырманы аткаргыла.

| | |
|---|---|
| **китеп** | **ракета** |
| **китеп**кана | **ракета**лар |
| **китеп**каначы | **уч** |
| **китеп**тер | **уч**куч |



Кара менен басылган окшош сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Алардын мааниси өзгөрдүбү? Эмне үчүн өзгөрдү? Айтып бергиле.



**110-көнүгүү.** Сөздөрдү окугула да, аларды билишиңерче өзгөртүп жазгыла.

Эки, үч, төрт, беш, кант, суу, аба, кар, суук, кыш, муз, карта, түн, күн, кыргыз, күзгү, терек, таш, жылкы, үй.

Үлгү: *суу-чул, Өзбек-стан, күн-дүз.*



**111-көнүгүү.** Текстти окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

## ЖЕТИ АТАҢ КАНДАЙ АТАЛАТ?

**Биринчи** атаң – өз атаң.
**Экинчи** атаң – чоң атаң.
**Үчүнчү** атаң – бабаң.

**Төртүнчү** атаң – жотоң.
**Бешинчи** атаң – жетең.
**Алтынчы** атаң – кубарың.
**Жетинчи** атаң – тек.



А силер жети атаңарды билесиңерби? Билбесеңер ата-энеңерден сурап-билип, жазып келгиле. Билбесеңер уят.

**112-көнүгүү.** Ырды окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдүн негизги (маани берүүчү) жана өзгөртүүчү (жардамчы) бөлүктөрүн таап, айтып бергиле.

**Азаттык** – бул азаттык,
**Нурдуу** жашоо дегени.
Короо бүтүн, эл-журт тынч,
Мекен сонун дегени.

**Улгайганда** тилегим,
Болсун сага **керегим.**
Азаттыкка жараша,
**Күчкө** толсун **билегим.**

*М. Юсуф*



1. Акын азаттыкты эмнеге окшоштурду?
2. Ырды көркөм окугула.

**113-көнүгүү.** Аталардын сөзүнөн таап, жазып келгиле. Албетте, ата-энеңерден, чоң ата, чоң энеңерден сурап, үйрөнгүлө.

## СӨЗДҮН УҢГУСУ

Сөздүн маани берүүчү бөлүгү **уңгу** деп аталат.

Мисалы: *тоо-го, айыл-дан, суу.*

**114-көнүгүү.** Окугула, сөздүн маани берүүчү жана жардамчы бөлүктөрүн үлгүгө карап ажыраткыла.

Баланын, шаардык, айылдык, күндөлүк, сөздүк, куруучу, жолчу, орундук, канаттуу, келгин, мүчөлүк, акчалай, оюнчук, жумушчу.

Үлгү: *бала-нын, канат-туу, акча-лай.*

**115-көнүгүү.** Өзүңөр үйдөн алты сүйлөм түзүп келгиле. Аларга муундук талдоо жасагыла.

**116-көнүгүү.** Текстти окугула. Сөздөргө муундук талдоо жүргүзгүлө.

Бизде токой көп. Биз токойго бардык. Токойду араладык. Токойдун өсүмдүктөрү менен тааныштык. Токойдо айбанаттар да көп экен. Токойдон гербарийлерди чогулттук.

**117-көнүгүү.** Текстти окуп, адегенде жалаң уңгу сөздөрдү, андан соң мүчө уланган сөздөрдү таап, түшүндүрүп бергиле.

## БЕРУНИЙ

Абу Райхан Беруний 973-жылы Харезм мамлекетинин Кат деген жеринде туулган. Демек, ал мындан миң жылдар мурда жашаган. Атасы кол өнөрчү уста болгон.

Беруний жер кыдырып, көп тилдерди үйрөнгөн. Ал фарс, араб, грек, инди тилдеринде сүйлөп, арабча жазчу экен.

Математика жана астрономия боюнча 45 китеп жазган. Ошондой эле Жердин моделин – глобусту жасаган.

**118-көнүгүү.** Текстти окуп, алардагы сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

## КАЙРЫМДУУЛУК

Кайрымдуулук – бүт дүйнө жүзүндөгү адамзатка керектүү сапат. Адам ар дайым жаш жана күчтүү бойдон калбайт. Адамга, кээде бүтүндөй бир элге кыйынчылык келген учурлар болот.

Мындай учурда адам-адамга, эл-элге жардам берет. Муну кайрымдуулук дейбиз. Адамдар бири-бирине кайрымдуу болсо экен.



**119-көнүгүү.** Бул сөздөрдүн уңгусун ажыратып жазып келгиле.

Жумушчу, койду, талаадан, балыкчы, койчу, балыкты, сууга, мектепке.



## СӨЗДҮН МҮЧӨСҮ



Уңгуга мүчө уланганда алардын мааниси да, түзүлүшү да өзгөрөт. Сөзгө уланган бөлүгү **мүчө** деп аталат.

Мисалы: көйнөк – адам кийүүчү көйнөк, кийим;

көйнөктөй – көйнөккө окшош деген мааниде;

көйнөкчөн – көйнөк кийген киши;

көйнөксүз – көйнөгү жок киши деген мааниде;

көйнөктөр – көп көйнөк экенин билдирет.

**120-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, бири-бирине салыштырып, алардын кандайча өзгөргөндүгүн түшүндүргүлө.

Жөжө – жөжөдөй – жөжөлүү – жөжөлөр; короз – короздой – короздор – короздуу; күзгү – күзгүдөй – күзгүлөр – күзгүлүү; радио – радиосуз – радиодой – радиолор.

**121-көнүгүү.** Уңгу сөздөргө түрдүү мүчө улап жазгыла.

Декабрь, алты, эчки, телефон, кат.



**122-көнүгүү.** Өз алдыңарча **«Мен келечекте ким болгум келет»** деген темада аңгеме түзүп, муун жана сөз курамы боюнча талдоо жүргүзүп келгиле. Аңгемеңер 5–7 сүйлөмдөн болсо жетишет.





Уңгуга жараша мүчө түрдүү вариантта өзгөрүп айтылат жана жазылат.

1. Уңгуда жоон үндүүлөр болсо, мүчөдөгү үндүүлөр да жоон болот, ичке үндүүлөр болсо, ичке болот.

Мисалы: *тоо-до-гу-дай, өрдөк-төр-гө.*

2. Уңгунун аягындагы үнсүз каткалаң болсо, мүчөнүн башындагы үнсүз да каткалаң, а эгер жумшак болсо, же ***а, й, р, л*** тыбыштары менен аяктаса, мүчөнүн башындагы үнсүздөр жумшак болот.

Мисалы: *камчы-ла, шаар-дык, айыл-дык, нан-дай, ай-дай, көпөлөк-төр-гө, таш-так.*

**123-көнүгүү.** Уңгу сөздөргө түрдүү мүчөлөрдү улап жазгыла. Алардын формалары же маанилери кандай өзгөрдү?

Уста, устат, район, область, мектеп, китеп, класс, танапис, күн, ай, жыл, жылдыз, аюу, карышкыр, түлкү, жүзүм, капуста, шабдалы, кызылча, кант, таш, чач, ташбака.

**124-көнүгүү.** Өз алдыңарча «Өзбекстан – Мекеним» деген темада чакан текст түзгүлө. Андагы сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.



**125-көнүгүү.** Текстти окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдү байкагыла.

БӨЛМӨДӨГҮ ЖЫПАР ЖЫТ

**Бөлмөдө** дайым жыпар жыт болуп турганын **каалайсыңарбы**? Анда, **кечке** маал **үйгө** жарык **күйгүзөөр кезде, лампочкага** жыттуу атырдан чачып же сүйкөп койгула. Лампочка **күйгөндө**, баягы **жыттуу** атыр ысып, **үйдүн** ичин жыпар жыт **каптап** чыгат.



## УҢГУЛАШ СӨЗДӨР



Уңгусу бирдей болгон маанилеш сөздөр – **уңгулаш сөздөр** деп аталат. Алар бир уңгуга түрдүү мүчөлөрдүн улануусунан улам түзүлөт.

Мисалы: *дос, достук, достош, достор.*

**126-көнүгүү.** Сөздөрдү окуп, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Сөздөрдүн маанилеринин жакындыгын түшүндүргүлө.

1. Тоо, тоодой, тоолук, тоолуу, тоодо.
2. Кыш, кыштоо, кыштак, кыштык, кышта.
3. Борбор, борборубуз, борбордон, борборго.
4. Булак, булактай, булактуу, булаксыз.
5. Жол, жолдой, жолдош, жолоочу, жолдуу.

Мисалы: *Чим-ган тоо-луу аймак.*
Борбор-дук сейилбакта концерт болду.

Үлгү: *тоо, тоо-дой, тоо-лук, тоо-луу, тоо-до.*



**127-көнүгүү.** Төмөнкү уңгулаш сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө. Ким көп түзүп жазса, ошол утат.

Жаш, жашыл, жаша, жаштык, жашылча; күз, күздүк, күзүндө, күзгү (мезгил); суук, сууса, суусундук, суучул; оюн, оюнчук, оюнкарак.



**128-көнүгүү.** Төмөнкү уңгу сөздөргө түрдүү мүчөлөрдү улап, уңгулаш сөздөрдүн тобун түзгүлө. Анан ар бирине сүйлөм түзүп, дептериңерге жазгыла.

Күн, бал, үй, күз, дары, баш, кубан, тур, сөз, жаңы.

Үлгү: *Күз келди. Күзгү эгин аңызда кыл-кылдайт. Стол үстү күзгүдөй таза. Биз күз-гүлүү шифоньер сатып алдык.*

**129-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө тиешелүү мүчө-лөрдү туура улап, уңгулаш сөздөрдү түзгүлө

Ташкент, класс, тоо, Чырчык, ата, эне, ки-теп, көчө.

Үлгү:

Ташкент → -дан → Ташкенттен
Ташкент → -дык → Ташкенттик
Ташкент → -дай → Ташкенттей

Класс → -дан → класстан
Класс → -дык → класстык
Класс → -дай → класстай



**130-көнүгүү.** Төмөнкү макалды окуп, уңгулаш сөздөрдү тапкыла.

Гүлсүз – булбулдун үнү жок,
Элсиз – ырчынын күнү жок.



# III ЧЕЙРЕК

## *К, П* ТЫБЫШТАРЫНЫН ӨЗГӨРҮП АЙТЫЛЫШЫ

**131-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андагы ***к, п*** тыбыштарынын өзгөрүүсүн түшүндүргүлө.

Бул – «Кыргыз жомоктору» китеби.

– Бул кимдин тобу?
– Ал менин тобум.

кап + ы = кабы
кеп + ы = кеби

тап + ы = табы
жап + уу = жабуу

**132-көнүгүү.** ***К, п*** тыбыштары менен аяктаган сөздөрдү катыштырып, чакан аңгеме жазгыла.



**133-көнүгүү.** Сөздөрдүн аягындагы ***к*** тыбыштарын үлгүгө карап, өзгөртүп жазгыла жана сүйлөм түзгүлө.

Кулак, көйнөк, кирпик, көз айнек, байпак, барак, тарак, чайнек, калпак, жүрөк, күрөк.

Үлгү: *кулак – кулагы.*

Мисалы: *Менин кулагым. Сенин кулагың. Анын кулагы.*



**134-көнүгүү.** ***П*** тыбышы менен аяктаган сөздөргө мүчө улап жазып, сүйлөм түзгүлө.

Сап, аптап, кап, тап, жип, эсеп, көп, кеп.

Үлгү: *сап – сабы.*

Мисалы: *Балтанын сабы жыгачтан жасалат.*

**135-көнүгүү.** ***К, п*** тыбыштары менен аяктаган сөздөрдү тапкыла.

Өрт, тоодак, жүзүм, топ, улак, адеп, алма, өрдөк.



**136-көнүгүү.** Өз алдыңарча үйдөн ***к, п*** тыбышы менен аяктаган беш сөздү тапкыла да, өзгөртүп, сүйлөм түзүп келгиле.



**137-көнүгүү.** Окугула. Сөздөргө үндүү тыбыш менен башталган мүчөнү улап, кайра жазгыла. Ар бирине сүйлөм түзгүлө.

Айнек, кабык, арык, булак, улак, көк, күлүк, ак, как, чак, бак, калак, балык, мылтык, эп, үпүп, топ.

Үлгү: *балык + ы = балыгы. Сырдарыянын балыгы баалуу.*



**138-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөгү кара тамга менен басылган сөздөрдү өзүнүн алгачкы түрүнө (өзгөрбөгөн түрүнө) кайра түзүп жазгыла.

1. Тоонун **чөбү** – малга дары. 2. Арчанын **чогу** таптуу болот. 3. Биз көлдүн **жээгине** барып, суугa түштүк. 4. Чоң энемдин **жомогун** көп уктум. 5. Китептин **барагына** жазган уят болот.

**139-көнүгүү.** Кыргыз алфавитин ирети менен ар бирине бирден мисал келтирип, бат-бат айткыла.

Үлгү: *Арстан, балык, вагон...*

**140-көнүгүү.** Баш жана кичине тамгалар кандай тартипте жазыларын түшүндүргүлө. Адам аттары жана жаныбарлардын, буюмдардын аты кандай жазыларын эсиңерге салып, мисалдар менен далилдегиле.

**141-көнүгүү.** Сүрөт боюнча аңгеме түзгүлө. Аңгемеңерге ат коюп, көрктүү окуп бергиле.



# ЗАТТАРДЫН АТЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР



Адамдар да, буюмдар да, идиш-аяктар да, жаныбарлар да, жана башка көзгө көрүнгөн нерсенин баары зат болот.

Заттарга *ким? эмне?* деген суроо берилет.

Мисалы: *ким? – апа, ата, Асел, Кубаныч, Ширин.*

*Эмне? – шаар, айыл, булут, жер, суу, төө.*

**142-көнүгүү.** Сөздөрдү окугула. Аларды чечмелеп, түшүндүрүп айтып бергиле.

Кар, шамал, кар киши, Аяз кыз, самолёт, паровоз, жип, жүн, шыпыргы, дарак, булак, таш, стол, жууркан, жаздык, чаң, куш, сагыз, уй, халат, жака, ракета, щётка, бөбөк, бөлө, таене, кийиз, Акмат, Бектур.



**143-көнүгүү.** Сөздөрдү берген маанисине жараша бөлүп-бөлүп жазгыла. ***Ким? эмне?*** деген суроо берип, жооп алгыла.

Табак, жүзүм, токоч, жамгыр, чыны, алмурут, нан, шаты, кашык, бүлдүркөн, тамчы, казан,

кара өрүк, лагман, өткүн, айры, роза, кымыз, суук, муздаткыч, ата, апа, торпок, козу, кыз, бала, Кайыргүл, Асел, Айгерим, Сагынбек.

Үлгү: ***Ким?*** *– кыз, бала.* ***Эмне?*** *– нан, козу.*



**144-көнүгүү.** Кишилердин аттарын окуп, аларга суроо беригиле.

Акыл, Жээнбек, Уултай, Бермет, Нурлан, Кушубек, Элмира, Гүлмира, Жандарбек, Масалбек, Ныязалы, Чолпонай, Барчынай, Анарбай, Шайлообек, Айша, Салима.

**145-көнүгүү.** Өз алдыңарча заттардын атын билдирген сөздөрдү катыштырып, 6 сүйлөм түзгүлө.



**146-көнүгүү.** Жаныбарлардын аттарын тез-тез окуп, алар эмнелер экенин түшүндүрүп айткыла.

Бүркүт, көгүчкөн, пил, короз, түлкү, үпүп, суур, чегиртке, чиркей, аюу, кашкулак, көпөлөк, кийик, мышык, чаян, үлүл, жылан, күчүк, ат, кулун, эчки.



# *КИМ? ЭМНЕ?* ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРГЕН ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨР

**147-көнүгүү.** Бул сөздөрдү салыштырып окугула. ***Ким?*** деген жана ***эмне?*** деген суроого кандай сөздөр жооп берерин түшүндүргүлө.

| Ким? | | Эмне? | |
|---|---|---|---|
| адам | Айдар | түлкү | карагай |
| киши | Айгерим | аюу | шырдак |
| мугалим | Тилек | эчки | килем |
| кыз | дарыгер | карышкыр | чөп |
| Бермет | сүрөтчү | кагаз | өрүк |
| Айбек | байке | китеп | өтүк |
| Сүйүн | эже | жарык | суу |

**148-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөрдү ой жүгүртүп окугула. Алардын ичинен ***ким?*** деген суроого жооп берген сөздөрдү таап айткыла.

Лампочка, уста, дасторкон, коноктор, боорсок, айнек, терезе, бөбөктөр, Акматаалы, Рыскүл, дос, курбу, класс, классташ, көчө, мектеп, окуучулар, таеке, таене, сүрөт, айдоочу, учкучтар.



**149-көнүгүү.** Ата-энеңердин, бир тууганыңардын, таеке, жээн, бөлөңөрдүн аттарын жазгыла. Ар бирине бирден сүйлөм түзүп, түшүндүргүлө. Суроо берип, жоопторун айткыла.



## *ЭМНЕ?* ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРҮҮЧҮ ЖАНДУУ ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨР



Адамдан башка жандуу жана жансыз зат атоочторго ***эмне?*** деген суроо берилет.

Эгер заттар көп болсо, аларга ***эмнелер?*** деген суроо берилет.

**150-көнүгүү.** Сөздөрдү салыштырып окугула. Суроо берип, алар эмненин атын билдиргенин түшүндүргүлө.

| **Жандуу заттардын аты** | **Жансыз заттардын аты** |
|---|---|
| арстан, мышык, кескелдирик, чычкан, пил, аюу, карышкыр, жылан, маймыл, акула, балык, музоо, козу, эчки. | калем, ручка, сызгыч, тамыр, жалбырак, стол, боёк, айнек, бутак, өрүк, таш, чөп, коон, чач, алма. |

**151-көнүгүү.** Жандуу зат атооч сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.



**152-көнүгүү.** Төмөнкү жаныбарлардын аттарын атагыла. Адегенде үй жаныбарларынын, кийин жапайы жаныбарлардын аттарын жазып, уланткыла.

Үй жаныбарлары: уй,...
Жапайы жаныбарлар: жолборс,...



## ЭМНЕ? ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРҮҮЧҮ ЖАНСЫЗ ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨР

Балдар, **эмне?** деген суроо жандуу да, жансыз да нерселерге берилгени менен, бул сабакта **эмне?** деген суроого жооп берүүчү жансыз зат атоочторду карап чыгабыз.

**153-көнүгүү.** Сүрөттөргө карап, заттарга суроо бергиле. Аларга жооп иретинде бирден сүйлөм түзгүлө.

   

Эмне? Эмне? Эмнелер? Эмнелер?

**154-көнүгүү.** Тапшырманы окугула. Үлгүгө жараша жансыз зат атооч сөздөрдөн бир нечени жазгыла.

| *Эмне?* | *Эмнелер?* |
|---|---|
| стул | стулдар |
| ... | ... |

**155-көнүгүү.** Жандуу жана жансыз заттарга тиешелүү суроолорду берип, бир нече сөздү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Куруучулар, кыш, цемент, кетмен, күрөктөр, чоң эне, эже, ага, камчы, элечек, калпактар, тебетей, койчу, уйчу, жылкычы, кой, уй, жылкылар, жайлоо, тоо, окуучу, китеп, дептерлер, доска, столдор.



**156-көнүгүү.** Мелдешке даярданып келгиле. Адегенде жандуу, кийин жансыз заттардын аттарын атагыла.



# ЗАТТАРДЫН КЫЙМЫЛ-АРАКЕТИН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР



Заттын кыймыл-аракетин: ***эмне кылып жатат? эмне кылат? эмне кылды? кантти?*** деген суроолор аркылуу билебиз.

Мисалы:

*эмне кылып жатат? – ойноп жатат.*
*эмне кылат? – ойнойт.*
*эмне кылды? – ойноду.*

**157-көнүгүү.** Бул сөздөрдүн кайсынысы зат атооч сөздөрдү, а кайсынысы заттардын кыймыл-аракетин билдирди? Түшүндүргүлө. Андан соң сүйлөм түзүп жазгыла.

Шамал, кар, жаа, автобус, «Нексия», «Матиз», токто, жүр, китеп, дептер, текче, турат, жат, таранчы, карга, кон, уч, тоок, күрп, жем, кайна, эт, быш.



**158-көнүгүү.** Сүрөттөрдү карагыла. Балдарга ат койгула. Суроолорго жооп бергиле.





Бала эмне кылып жатат?
... көгүчкөндөргө жем салып жатат.
Кыздар эмне кылып жатат?
... жана ... секиргич жипте ойноп жатат.

## ЭМНЕ КЫЛЫП ЖАТАТ? ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРҮҮЧҮ СӨЗДӨР

**159-көнүгүү.** Сүрөттү карагыла. Андан кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү таап, суроо бергиле.



**160-көнүгүү.** Сөздөрдү пайдаланып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

| | |
|---|---|
| Бектур<br>Жамал<br>Айгүл<br>Гүлай | сабак окуп жатат, уктап жатат.<br>эс алып жатат, тамактанып жатат.<br>ырдап жатат, бийлеп жатат.<br>сабакка жөнөп жатат. |



**161-көнүгүү.** Сүрөттөрдү карап, сүйлөм түзгүлө. Суроо берип, жоопторду айткыла.







## ЭМНЕ КЫЛДЫ? ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРҮҮЧҮ СӨЗДӨР



***Эмне кылды?*** деген суроого жооп берген сөз кыймыл-аракеттин болуп өткөнүн билдирет.

Мисалы: *Бала ойгонду. Коён качты. Мугалим жазды. Окуучу окуду.*

**162-көнүгүү.** ***Ким? эмне? эмне кылып жатат? эмне кылды?*** деген суроолорго жооп берүүчү бир нече сүйлөм түзгүлө.

Үлгү: *Айгүл чачын тарап жатат.*
*Айгүл чачын тарады.*

**163-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө. Алар **ким? эмне? эмне кылды?** деген суроолорго жооп берсин.

Ойноду, окуду, үшүдү, үйдү шыпырды, жуунду, жууду, тазалады, өстүрдү, ичти, тепти, лыжа тепти, даярданды, алдады, ыйлады, чуркады, үрдү, какылыктады, мөөрөдү.

Ү л г ү: *Айгүл пальтосун тазалады.*

**164-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү ***эмне кылды?*** деген суроого жооп бергидей кылып өзгөртүп, кайра жазгыла.

1. Кыз тоокторго жем берип жатат. 2. Чоң апам көйнөк тигип жатат. 3. Чоң атам газета окуп отурат. 4. Лампочка күйүп турат. 5. Өзөндө суу агып жатат. 6. Светофордун чырактары жанып турат. 7. Асан китеп окуп жатат.



**165-көнүгүү.** Өзүңөрчө ***эмне кылды?*** деген суроого жооп берген беш сүйлөм жазгыла.

Ү л г ү: *Эжем идиш-аяк жууп жатат. Эжем идиш-аякты жууду.*



# ЭМНЕ КЫЛАТ? ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРҮҮЧҮ СӨЗДӨР



***Эмне кылат?*** деген суроого жооп берген сөздөр кыймыл-аракеттин алдыда (эми) боло тургандыгын билдирет.

Мисалы: *Келет (эртең келет).*
*Учат (самолёт саат 12 де учат).*

**166-көнүгүү.** Сөздөрду салыштырып окугула. Калганын маанисине жараша өзүңөр толуктап жазгыла.

| | | |
|---|---|---|
| уктады | уктап жатат | ойгонот |
| жоготту | издеп жатат | табат |
| кирдеди | жууп жатат | ... |
| курсагы ачты | тамак ичип жатат | ... |
| качты | кубалап баратат | ... |
| өчтү | өчүп турат | ... |
| чарчады | эс алып отурат | ... |



Булардын ар бирине мисал келтирип, алардын маанилерин ажыратып айтып бергиле.

**167-көнүгүү.** Төмөндөгү пайдалуу кеңештерди окугула, аларга кандай суроо берүүгө болот?

1. Сүт бышырып жатканда казанга чөмүч салып коюшат. Анткени сүт ташып кетпейт. 2. Пиязды аарчып жатканда көздү ачыштырбаш үчүн аны улам муздак сууга салып турат. 3. Сүт жаңы же эски экенин кантип билсе болот? Сүттү тырмакка тамызып көрөт, эгер сүт тырмакка шарча болуп туруп калса, ал – жаңы сүт, агып кетсе, эски сүт экени билинет. 4. Камыр ысык сууга жуурулса, катуу болуп калат.



**168-көнүгүү.** Өз алдыңарча ***эмне кылып жатат? эмне кылды? эмне кылат?*** деген суроого жооп бергидей кылып беш сүйлөм түзүп, жазып келгиле.



## ЗАТТЫН СЫН-СЫПАТЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР



Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын жана формасын билүү үчүн **кандай?** деген суроо беребиз.

Мисалы: *Кызыл алма. Кандай алма? – кызыл – заттын өңү.*

**169-көнүгүү.** Схеманы үлгү боюнча окугула да, заттын кандай экендигин айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| ак | таттуу |
| көк | кычкыл |
| кызыл | ачуу |
| сары | ширелүү |



Өз алдыңарча заттын кандай экенин мүнөздөп айткыла.

сары
сүйрү
тоголок
кычкыл



сары
сүйрү
ширелүү
таттуу





Эми булар боюнча өз алдыңарча сүйлөм түзгүлө. Алар кандай суроого жооп берерин ойлонуп айткыла.

| | |
|---|---|
| помидор | кызыл, тоголок |
| айран | коюу |
| кымыз | кычкыл, суюк, ак |
| көмүр | кара, катуу |

**170-көнүгүү.** Сөздөрдү пайдаланып, суроолорго жараша сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Кандай + эмне?
Кандай + ким?

| | |
|---|---|
| кызыл, кара | жоолук |
| ак | көйнөк |
| көк | гүл |
| сары | чач |



**171-көнүгүү.** Бул айбанаттардын сын-сыпатын туура мүнөздөп, жазып келгиле.

| | |
|---|---|
| кой | күчтүү, шамдагай, күлүк, |
| эчки | маңыроо, жоош, жүндүү |
| кочкор | мүйүздүү, сүттүү, тыбыттуу |
| жылкы | жүндүү, сүзөнөөк, мүйүздүү |



**172-көнүгүү.** Бул сөздөрдүн ичинен затты жана анын сыпатын билдирген сөздөрдү үлгүгө карап, тууралап жазгыла.

Окуучу, алдыңкы, кыз, сулуу, чач, китеп, кызыктуу, кара, топ, шар, кооз, жаңы, тунук, таттуу, тамак, айнек, чаар, ак, калпак, тоок, оор, жакшы, бала, жүк, таза, жашыл, класс, жалбырак.

Үлгү: *Алдыңкы окуучу.*

**173-көнүгүү.** Кроссвордду мелдешип, тез чечкиле.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | а | | | | к |

Бул ак менен ар убак,
Идиш бети жабылат.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| к | ө | | | | к | | |

Кандай көк деп шашылба,
Бул куш жашайт чатырда.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| к | а | | | | р | а |

Бул кара сөз ушундай,
Учат сабы бузулбай.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| с | а | р | ы | | | | е |

Мындай сары тоодо өсөт,
Көктөмдө үзүп, эл жешет.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| к | ы | з | ы | л | | |

Өстүрүшсө жакшылап,
Бул кызылдан кант чыгат.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ж | а | ш | ы | л | | |

Огороддо өскөндү,
Уктум жашыл дешкенди.



**174-көнүгүү.** Өзүңөрчө заттын өңүн, түсүн же формасын билдирген ырлардан таап, жаттап келгиле.



# ЗАТТЫН САНЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР




Заттын санын билдирген сөздөр ***канча? нече?*** деген суроолорго жооп берет.

Санды билдирген сөздөр цифра менен да, тамга менен да жазылат.

Мисалы: *5 күн, он беш киши.*

**175-көнүгүү.** Сүрөттү карап, сүйлөмдөр түзгүлө.






1. Ар бир түстө канчадан пияла тартылган?
2. Баарын кошкондо канча болот?
3. Алардын санын билүү үчүн кандай суроо берилет?

**176-көнүгүү.** Буларды өз сөзүңөр менен окуп, дептериңерге жазгыла.

| | | |
|---|---|---|
| к<br>а<br>н<br>ч<br>а<br>? | 10<br>20<br>30<br>50<br>100<br>200 | дептер, бала, күн, жыл кайчы, сум, барак, телевизор, автобус, щётка, ящик, өрдөк, лампочка, балта |



**177-көнүгүү.** Табышмактарды тез окуп, тез тапкыла. Шашып айтам деп жаңылып албагыла, күлкү болуп калбагыла.

1. Бир кайыңдын алты бутагы бар экен. Анын ар бир бутагында ондон алма бар экен. Баары канча алма болот?

2. Бир бөлмөнүн төрт бурчунда 4 мышык отурат. Алардын ар биринин маңдайында 3 төн мышык отурат. Бөлмөдө баары канча мышык бар?



**178-көнүгүү.** Заттын санын билдирген сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла.

## АДАМДЫН МҮЧӨЛ ЖЫЛДАРЫ

Кыргыз элинде адамдын 12 жашын бир мүчөл деп атоо кабыл алынган. Мүчөлдөгү жылдардын ар бири төмөндөгүдөй аталат:

1-чычкан, 2-уй, 3-жолборс, 4-коён, 5-балык, 6-жылан, 7-жылкы, 8-кой, 9-маймыл, 10-телок, 11-ит, 12-доңуз (чочко).

Сен 12 жашка толгондо сага бир мүчөл болот. 24 жашка толгондо экинчи мүчөлүң. Улам 12 жыл өткөн сайын адамдын жашына бир мүчөл кошула берет.



**179-көнүгүү.** Схема боюнча үлгүгө карап, ойлонуп жазгыла.

| |
|---|
| *Канча? Эмне?* |
| *Канча? Ким?* |

| | |
|---|---|
| беш | окуучу |
| он | парта |
| он беш | кайың |
| элүү | машина |
| жүз | үй |

Үлгү: *Беш окуучу.*



## ЗАТТЫН ИРЕТИН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР



Заттын иретин билдирген сөздөр булар: **биринчи, экинчи, үчүнчү, элүүнчү, жүзүнчү, миңинчи.**

Аларга ***канчанчы? неченчи?*** деген суроо берилет.

**180-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Биринчи кабат, онунчу катар, биринчи сентябрь, эки миң он төртүнчү жыл.

**181-көнүгүү.** Бул сөздөрдү салыштырып, окуп үйрөнгүлө.

| *Канча?* | *Канчанчы?* |
|---|---|
| (1) бир күн | (1-күн) биринчи күн |
| (2) эки жума | (2-жума) экинчи жума |
| (5) беш кабат | (5-кабат) бешинчи кабат |
| (10) он жыл | (10-жыл) онунчу жыл |
| (100) жүз киши | (100-киши) жүзүнчү киши |
| (200) эки жүз тепкич | (200-тепкич) эки жүзүнчү тепкич |



**182-көнүгүү.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

## БИЗДИН МАЙРАМДАР

Эгемендүү республикабыз өзүнүн жакшы салттарын улантып келүүдө. Ар жыл ичинде майрамдалуучу салттуу майрамдар бар. Алар: 1-январь – Жаңы жыл күнү. 21-март –

Ноорyз майрамы, 9-май – Эскерүү жана Кадырлоо күнү. Ал эми 1-сентябрь – биз үчүн чоң майрам. Ал күнү мамлекетибиз өз эгемендигин алган. 1-октябрды дагы биз майрамдайбыз. Ал күн – бизге билим, тарбия берген мугалим эжей-агайларыбыздын кесиптик майрамы. 8-декабрь – Конституция күнү.




1. Биздин кандай майрамдарыбыз бар экен?
2. Силер аларды кантип майрамдайсыңар? Календарда белгиленбеген дагы кандай майрамдарыбыз бар?
3. Силер кайсы майрамдарды жактырасыңар? Айтып бергиле.
4. Иреттик сандарды тексттен таап, дептериңерге көчүрүп алгыла.



## СӨЗ ЖАНА СҮЙЛӨМ




Сөз жеке бир маанини билдирет. Бир нече сөз биригип сүйлөмдү түзөт. Сүйлөм бүткөн айрым ойду түшүндүрөт. Мисалы: Бүгүн күн ачык. Дене тарбия сабагында топ ойнодук.

**183-көнүгүү.** Буларды салыштырып окугула. Сөз эмнени билдирерин, сүйлөм эмнени түшүндүрөрүн айтып бергиле.

| СӨЗДӨР | СҮЙЛӨМДӨР |
| --- | --- |
| Мен, мектеп, кел. | Мен мектепке келдим. |
| Бүгүн, кар, жаа. | Бүгүн кар жаады. |
| Ата, газета, оку. | Атам газета окуду. |
| Кубат, бак, коён, бар. | Кубаттын бакма коёну бар. |
| Биз, үй, конок, кел. | Биздин үйгө конок келди. |



**184-көнүгүү.** Төмөндөгү сөздөргө тиешелүү мүчөлөрдү улап, *ким? эмне? эмне кылып жатат? эмне кылат? эмне кылды?* деген суроолорго жооп берген бир нече сүйлөм түзгүлө.

Балдар, кыздар, бөбөгүм, атам, апам, эжем, байкем, досум, Белек, Кубан, Айжан, бакча, мелдеш, сабак, чогулуш, мектеп, жумуш, тоо, шаар, Хива, Бухара, Харезм, Самарканд.



## СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ
## ЖАЙ СҮЙЛӨМ



Сүйлөм бүткөн бир айрым ойду билдирүү менен бирге, айтылыш максаты боюнча да төрткө бөлүнөт. Алар:

1. Жай сүйлөм.
2. Суроолуу сүйлөм.
3. Илептүү сүйлөм.
4. Буйрук сүйлөм.

Болуп өткөн жана боло турган окуяны, көрүнүштү жайынча баяндаган сүйлөм **жай сүйлөм** деп аталат.

Мисалы: *Азыр кыргыз тили сабагы. Саат 10 дон 15 минут өттү.*

---

**185-көнүгүү.** Төмөндөгүлөр айтылыш максатына карай кандай сүйлөмдөр?

1. Азыр март айы. Март айы – жаз айы. Жакында күн жылыйт. Чөп чыгат.
2. Азыр кайсы ай? Жаз айлары кайсылар? Качан күн жылыйт? Качан чөп чыгат?
3. Эх, сагынткан жаз эрте келсе экен! Жаз айы кандай гана сулуу!

**186-көнүгүү.** Ырды көркөм окугула. Кандай сүйлөм экендигин айтып бергиле.

## АЗАТ ӨЛКӨМ

Өзбекстан – азат өлкөм,
Күп нуруна бай өлкөм.
Хума конду башыңа,
Жаш кошулсун жашыңа.

*Д. Ражаб*

**187-көнүгүү.** Жайкы табияттын көрүнүшүн баяндап, мелдешип, бир нече сүйлөм жазгыла.



**188-көнүгүү.** Дем алыш күнүн кандай өткөргөнүңөрдү баяндап, кыскача аңгеме жазгыла. Аңгемеңерди окуп бергиле да, андан заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү таап, түшүндүргүлө.



## СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ



Суроо маанисинде айтылган сүйлөм **суроолуу сүйлөм** болот. Суроолуу сүйлөмдүн аягына суроо белгиси (?) коюлат.

Мисалы: *Мультфильм качан башталат?*

**189-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андан суроолуу сүйлөмдөрдү таап, аягына суроо белгисин койгула да, көчүрүп жазгыла.

1. Адыл, саат канча болду. 2. Бүгүн күнгө дүйшөмбү. 3. Кадыр, мага китебиңди берип турчу. 4. Эртең күн жылуу болот. 5. Эртең кыргыз тили сабагы болобу. 6. Бүгүн кар жаады. 7. Эрмек, эртең чана тээп ойнойлубу.

8. Жамал сабакка келген жок. 9. Жамал, сен кечээ сабакка неге келген жоксуң.

**190-көнүгүү.** Жай сүйлөмдөрдү суроолуу сүйлөмгө айландырып айткыла. Белгисин койгула. Суроолуу сүйлөм кантип түзүлөрүн түшүндүрүп бергиле.

1. Элмира сиңдисин бакчага алып барды. 2. Сайкал өзөндөн эки чака суу алып келди. 3. Мен байкем экөөбүз короодогу койлорго чөп бердик. 4. Жаныбек атасына жардамдашты. 5. Муздаткычта сүт, айран жана каймак бар. 6. Мен эжем менен базарга барып келдим. 7. Алмаз бүгүн сабакка кечигип келди.

Ү л г ү: *Элмира сиңдисин бакчага алып барды бы?*



**191-көнүгүү.** Өзүңөрчө суроо-жооптордон турган бештен сүйлөм түзгүлө.



**192-көнүгүү.** Төмөнкү жайынча айтылган сүйлөмдөрдү суроолуу сүйлөмдөргө айландырып, көчүргүлө. Белгисин коюуну унутпагыла.

1. Бүгүн жамгыр жаады. 2. Жаз келди. 3. Экскурсияга барабыз. 4. Биз музейге бара-

быз. 5. Куруучулар дарыяга көпүрө курушту. 6. Күн кечтеди. 7. Эл орунга отурду.

Үлгү: *Бүгүн жамгыр жаадыбы?*

**193-көнүгүү.** Сөздөрдүн ордун таап, сүйлөм түзүп жазгыла. Сүйлөмдөрдү окуп, аларга тыныш белгилерин койгула.

1. Өзбекстан, өлкө, күнөстүү.
2. Бүгүн, бардыңбы, сабакка.
3. Гүлмира, отургузду, дарак.
4. Тынчтык, жашасын.



**194-көнүгүү.** Сөздөрдү колдонуп, суроолорго жараша бир нече сүйлөмдөрдү түзгүлө.

*Ким? Эмне?*
*Качан?*
*Эмне кылды?*
*Эмне кылат?*

футбол ойноду, футбол ойнойт;
дүкөнгө барат, дүкөнгө барды;
сабакка жөнөйт, сабакка жөнөдү;
эртең менен, түштө, саат 8 де, саат 12 жарымда.



# БУЙРУК СҮЙЛӨМ



Кыймыл-аракетти аткарууга буюруу иретинде айтылган сүйлөм **буйрук сүйлөм** деп аталат.

Мисалы: *Айбек, тынч отур, сабагыңды жаз.*

**195-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула. Алар бири-биринен эмнеси менен айырмаланарын байкагыла.

1. Алмаз, мага китебиңди бересиңби? (Суроолуу сүйлөм)

2. Алмаз мага китебин алып келип берди. (Жай сүйлөм)

3. Алмаз, мага китебиңди алып келип бер! (Буйрук сүйлөм)

Ушул сүйлөмдөргө мазмундаш беш сүйлөм түзгүлө.

**196-көнүгүү.** Бул сөздөрдү катыштырып, буюруу маанисиндеги сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Кел, тур, отур, айт, сүйлө, карма, чурка, секир, жат, бас, ич, ал, кал, тазала.

Үлгү: *Кубан, бери кел.*



**197-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула. Алардын ар бирине мүнөздөмө бергиле. Андан соң, буйрук сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазгыла.

1. Жакында Нооруз майрамын майрамдайбыз. 2. Айгүл, сен жазгы каникулда эмне кыласың? 3. Бектен, сен чейрекке жакшылап даярдан. 4. Келгин куштар келе баштады. 5. Эртең концертке барасыңбы? 6. Мен тапшырмалардын баарын аткардым.



## ИЛЕПТҮҮ СҮЙЛӨМ



Кубануу, өкүнүү, бата берүү жана чакырык иретинде айтылган сүйлөмдөр **илептүү сүйлөм** деп аталат. Мындай сүйлөмдөр күчтүү сезим менен айтылат да, аягына илеп белгиси (!) коюлат.

**198-көнүгүү.** Бул сүйлөмдөрдү окугула. Алардын кайсынысы кандай сүйлөм экендигин аныктап, тыныш белгисин койгула.

1. Сен эмне үчүн кечээ сабакка келген жоксуң. 2. Чынара кечээ сабагынан «беш» алды. 3. Шамал болуп келатат, үйгө киргиле. 4. Айланайын сенден, каралдым.

**199-көнүгүү.** Текстти окугула, маанисин түшүндүргүлө.

## КЫРГЫЗДЫН БАТА СӨЗДӨРҮНӨН

*Бала колго суу куйганда берилүүчү бата.*

Кудай тилегиңди берсин,
Жаныңды темирдей бек кылсын.
Келечегиң кең болсун,
Өмүрүң суудай узун болсун!
Оомийин!



Бул бата кайсы учурда айтылат? Түшүндүргүлө.

Жолуң шыдыр болсун,
Жолдошуң кыдыр болсун.
Жараткан өзү жар болуп,
Жаркырап-жайнап аман кел!
Оомийин!

**200-көнүгүү.** Өз алдыңарча илептүү сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө экиден сүйлөм түзгүлө.



**201-көнүгүү.** Өзүңөргө жаккан ырларды окуп, зат жана анын кыймыл-аракетин билдирген сөздөргө мисал таап келгиле.



# СҮЙЛӨМДҮН ЭЭСИ



Сүйлөмдө ***ким?*** же ***эмне?*** деген суроого жооп берген сөз ал сүйлөмдүн ээси болот.

Мисалы: *Китеп столдун үстүндө жатат. Гүл терезеде өсүп турат. Айгүл сабактарын даярдады.*

*Байкагыла*: 1-сүйлөмдө сөз китеп, 2-сүйлөмдө гүл, 3-сүйлөмдө Айгүл жөнүндө болду. Биз буларды **сүйлөмдүн ээси** деп атайбыз.

**202-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андагы сөз кимдер же эмнелер жөнүндө болду, таап айткыла. Көчүрүп жазып, алардын астын сызгыла.

1. Абдулла Кадырий 1894-жылы Ташкент шаарында туулган. 2. Жаз келип, күн жылыды. 3. Келгин куштар келе баштады. 4. Жерге чөп чыгып, гүлдөр ачылды. 5. Кооз-кооз көпөлөктөр учуп-конуп, айлана көркүнө чыкты.



**203-көнүгүү.** Үйдөн сүйлөмдүн ээси катышкан 4 сүйлөм түзүп келгиле.



# СҮЙЛӨМГӨ ЭЭ БОЛГОН ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨР



Сүйлөмдүн ээси *ким? эмне? кимдер? эмнелер?* деген суроолорго жооп берет да, жекелик жана көптүк санда да колдонулат.

Мисалы: ***Жамгыр*** *көздү ачырбай төктү. Эмне көздү ачырбай төктү?* – ***Жамгыр*** – *жекелик санда.*

***Козулар*** *менен* ***улактар*** *энелерин көрүп маарап жатышты. Эмнелер маарап жатышты?* – ***Козулар*** *менен* **улактар** – *көптүк санда.* Адамдын, айбанаттардын аттары жана жансыз зат атоочтор сүйлөмдүн ээси болот.

Ээнин асты дайым бир сызык менен сызылат.

Мисалы: *Салкын* <u>*жел*</u> *согуп турат.*

**204-көнүгүү.** Накыл кептерди окуп, маанисин түшүндүргүлө, жазып алгыла.



1. Эч качан жалган нерсени чын дебе, жалган жерден биреөгө күбө болбо.

2. Кимдин пейили бузук болсо, ал азапка өзү барып кабылат.

3. Кимде-ким жаңжалдашууну адат кылып алса, ал өзүнүн кадырын өзү төгөт.

4. Жакшылык кылсаң – эскирбейт, жамандык кылсаң – унутулбайт.

5. Кандай күнөө кылсаң, ошондой жаза аласың.



**205-көнүгүү.** Үйдөн өз алдыңарча *ким?* деген суроого жооп берген сөздөрдү катыштырып, беш сүйлөм түзүп келгиле.



## СҮЙЛӨМДӨ ЭЭНИН МИЛДЕТИН АТКАРГАН АДАМ АТТАРЫ



Адам аттары *ким? кимдер?* деген суроолорго жооп берип, сүйлөмдө ээ болот.

Мисалы: *Асел менен Чолпон ойноп жатат.*

Адам аттарынын ордуна колдонулган ***мен, сен, ал, бул, тигил, биз, сиз, силер, алар*** деген сөздөр да сүйлөмдө ээ болот.

**206-көнүгүү.** Бул сөздөрдү катыштырып, тема боюнча сүйлөм түзүп жазгыла да, талдап бергиле.

1. Биз, жашылча, көчөт, отур. 2. Досум, мелдеш, кел, биринчи. 3. Чоң атам, көз айнек, кий, оку. 4. Атам, ал, жаңы, машина. 5. Биз, эжей, концерт, бар. 6. Телевизор, балдар, кечинде, «Рабаят», көр. 7. Чоң эне, жомок, айт. 8. Айыл, жаз, жаңы төл, баштал. 9. Биздин үй, жанында, өрүк, гүлдө. 10. Менин, бөбөк, бакча, бар.

**207-көнүгүү.** Өз алдыңарча мына бул тапшырмаларды аткаргыла.

1. Адам аттарын ээнин маанисинде колдонуп, беш сүйлөм түзгүлө.
2. Ошол адам аттарын ***ал, тигил, бул, мен, сен, алар*** деген сөздөр менен алмаштырып жазгыла.

Үлгү: ***Асан*** *– менин досум.* ***Ал*** *– менин досум.*



**208-көнүгүү.** Үйдөн өзүңөрдү, ата-энеңерди, бир тууганыңарды катыштырып мисал келтирип, чакан аңгеме түзүп келгиле. Аңгемеңерге ат койгула. Ээнин астын сызып белгилегиле.



# IV ЧЕЙРЕК

## СҮЙЛӨМДӨ ЭЭНИН МИЛДЕТИН АТКАРГАН АЙБАНАТТАРДЫН АТТАРЫ




Айбанаттардын аттары ***эмне? эмнелер?*** деген суроолорго жооп берет. Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарат.

Мисалы: *Кумайык жыт алып, катуу чуркады. Эмне чуркады? Кумайык – ээ.*

Чабалекейлер биздин короого уя салышты. Эмнелер? Чабалекейлер – ээ.

**209-көнүгүү.** Өз алдыңарча бул айбанаттардын аттарын ээнин маанисинде колдонуп, сүйлөмдөр түзгүлө.

Короочу, таргыл мышык, кызыл короз, ак тооктор, кер күчүк, тору тай, чаар уй, өрдөктөр, арстандар, ач карышкыр, куу түлкү, жөжөлөр, келгин куштар, таранчылар.

Үлгү: *Ач карышкыр тамак издеп жолго чыкты.*



**210-көнүгүү.** Үйдөн сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган айбанаттардын атын катыштырып, бир нече сүйлөм түзүп келгиле.



# СҮЙЛӨМДҮН БАЯНДООЧУ



Сүйлөмдө ээнин (заттын) кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирген сөз **баяндооч** деп аталат.

Баяндооч ***эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? эмне болду? эмне кылып жатышат?*** деген суроолорго жооп берет. Баяндоочтун асты эки сызык менен сызылат.

*Эмне болду? Эмне кылды?*

Мисалы: *Жаз келди. Алмаз көчөт отургузду.*

**211-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Алардан ээнин (заттардын) кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү таап, астын эки сызык менен сызгыла.

1. Класста сабак жүрүп жатат. 2. Эшикте жамгыр жаап жатат. 3. Көктө жылдыздар жымыңдайт. 4. Кушубек мелдеште экинчи орунду ээледи.

Үлгү: *Айгерим куурчагын көтөрүп үйгө кирди.*

**212-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп жазгыла. Алар бири-бирине уйкаш болсун. Баяндооч боло турган сөздүн астын эки сызык менен сызгыла.

## ӨЗҮҢ ТАПКЫН УЙКАШЫН

Ойноймун деп кылба буй,
Оолак жүр, сүзүп коёт ...

Салмагы болот канча кил,
Эң бир чоң экен тигил ...

Жайытта оттоп, куруп той,
Жайылып жүрдү бир топ ...

Каалаган жерге алпарат,
Минип чапсаң чабдар ...



**213-көнүгүү.** Окугула. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү болгон ээ менен баяндоочту ажыраткыла.

1. Күн ысык тийди. 2. Самолёт ылдам учту. 3. Чынара тез чуркады. 4. Балдар хоккей ойношту. 5. Мен китеп окудум. 6. Толгонай сүрөт тартты. 7. Биз дем алышка тарадык. 8. Бүгүн мектепте мелдеш болду.



# ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨРДҮН СҮЙЛӨМДӨ БАЯНДООЧ БОЛУШУ



Сүйлөмдө ээнин ал-абалын билдирген зат атооч сөз да баяндооч болот. Ал *ким? эмне?* деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Бул – китеп. Эмне? Китеп* – баяндооч.

*Асан – окуучу. Ким? Окуучу* – баяндооч.

**214-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула, үч сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. Зат атоочтон болгон баяндоочторду таап түшүндүргүлө.

1. Айжан – менин классташым. 2. Кубаныч – менин кошунамдын атасы. 3. Менин күчүгүмдүн аты – Короочу. Ал абдан сак күчүк. 4. Бул алманын көчөтү, тигил алмуруттун көчөтү. 5. Гапар Айтиев – кыргыздын туңгуч сүрөтчүсү. 7. Менин фамилиям – Казыбаев, атым – Тилек.

Үлгү: *Менин күчүгүмдүн аты – Короочу.*



**215-көнүгүү.** Үйдөн өз алдыңарча зат атоочтон болгон баяндоочторду катыштырып, 4 сүйлөм түзүп келгиле.



# ЭТИШ СӨЗДӨРДҮН СҮЙЛӨМДӨ БАЯНДООЧ БОЛУШУ



Этиштен болгон баяндооч бир же бир нече сөздөн да түзүлөт.

Мисалы: *келет, барат, ойнойт, келди; келе жатат, бара жатат, ойноп жатат.*

**216-көнүгүү.** Окугула. Асты сызылган сөздөргө түшүндүрмө бергиле. Андагы баяндооч канча сөздөн турду? Ойлонуп, жооп бергиле.

## ТАҢ КАЛАРЛЫК БӨБӨК

Буга таң калбаган киши жок. Сербия деген мамлекетте мындай бир окуя болгон. Бир баланын туулганына 49 гана күн болгон. Ошол күнү ал бала сүйлөй баштаган. Кенедей бөбөк көзүнө көрүнгөнүн сурай баштаган. Буга жанындагылардын төбө чачы тик турган.

Борбордон атайын врачтар чакырылган. Алар адам баласынын тарыхында мындай укмуш болбогондугун айтышкан. Көрсө, бөбөктүн эмгегиндеги жумшак чел кабык эрте каткан. Адатта, 12–13 айда катууга тийиш экен!



**217-көнүгүү.** Бул таяныч сөздөрдү катыштырып, өз алдыңарча бир нече сүйлөм түзгүлө. Алар сүйлөмдө ээ, баяндоочтун милдетин аткаргандай болушсун.

### Таяныч сөздөр:

а) ***Зат атоочтор:*** жаңы төл, козу, улак, музоо, кулун, келгин куштар, үпүп, күкүк, жылкычы чымчык, шамал, жамгыр, терек, тал, кайың, Фергана, Сырдарыя.

б) ***Этиштер:*** башталды, торолду, оттоду, жайылды, жем жеди, келди, сайрады, учуп келди, учуп кетишти, көрдүм, болду, шуулдады, төктү, бүрдөдү, ачты (жалбырактарын), эс алдык, көрдүк, бүркөлдү (күн), күркүрөдү, жаады.

Үлгү: *Жаз келди. Жаңы төл башталды.*

**218-көнүгүү.** Өз алдыңарча бир нече этиш сөздөргө мисал келтиргиле. Алар кыймыл-аракеттин учурда болуп жатканын билдирсин. Аларды катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

Үлгү: *бара жатат – Асманда самолёт учуп бара жатат.*



**219-көнүгүү.** Зат атооч сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө. Алар сүйлөмдүн ээси болгондой болсун.

**Таяныч сөздөр:**

мектеп, суу, ай, дарак, алма, өрүк, жүзүм, күчүк, айыл, район, шаар, жол, булак, Ангрен шаары, Бөкө району, Достук айылы.



**220-көнүгүү.** Текстти окугула, кара тамга менен жазылган сөздөрдүн кайсынысы ээ, кайсынысы баяндооч экенин аныктагыла. Суроо бергиле.

## БОЗ ТОРГОЙ

**Биз** боз адырда соко **айдап жүргөн элек.** Нымдуу чымга **кара чыйырчык, кара таан жабыла конот.** Андан курт издешет.

Деги жан-жаныбарлардын **жан багуусу** өзгөчө эле. Тынымсыз **күрөш тура** дегиче, торгойдун **канаты** кулагыма **«пырп» серпилип, өзү** койнума **бөгүп калды.**

Көрсө, көктө сайрап турганда, аны **кыргый качырыптыр.** Бөккөн торгойду койнуман **алдым.** Жүнү жумшак. Жазыксыз мөлтүр көзү **аянычтуу.** Кантсин байкуш! Аябай корккон экен. Эти ысып, кипкичине **жүрөгү** тез-тез сокконун колум **сезди.**

Торгойду уучтай кармап туруп:

– Эми коркпо, кутулдуң, – дедим. Анан бөрсөгөй тумшугуна шилекейимди **оозантты.**

– Шилекей алышкан **дос болдук** экөөбүз. Кош эми! – деп, алаканымды **жаздым.**

*Т. Сыдыкбеков*



**221-көнүгүү.** Юморду окугула. Чын эле ушундайбы, түшүндүргүлө. Андан ***эмне кылып жатат? эмне болду?*** деген суроолорго жооп берген сөздөрдү тапкыла.

## ШАМАЛ

Баласы үйгө кирип:

– Ичикий, шамал катуу башталды, – деди атасына.

– Балким, келгин куштар келаткандыр...

– Ата, ата... эмне, келгин куштарды шамал айдап келеби?



**222-көнүгүү.** Бул көнүгүүнү да жогоркудай аткаргыла.

## КҮНДӨЛҮК РЕЖИМ

Мугалим Эрмектен күндөлүк режим тууралуу сурады:

– Эртең менен 7 де турам. Анан көнүгүүлөр жасайм, – деп жооп берди ал.

– Анан, – деди мугалим.

– Андан соң тамак ичем, сумкамды алып мектепке жөнөйм.

– Баракелде, – деп жылмайды мугалим. – Бирок сенин кийимиңди кийинбегениң, бети-колуңду жуубаганың кызык экен?!

Баарыбыз дуу күлдүк. Күлбөй турган жорукпу?

*(«Байчечекей» журналынан)*

**223-көнүгүү.** Текстти окугула, анын мазмунун түшүндүргүлө. Сүйлөмдө баяндооч болгон этиш сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла.

## АТА-ЭНЕНИН АЛДЫНДАГЫ БАЛАНЫН ПАРЫЗЫ

Балдар, силер ата-энеңердин мээримдүү бөпөлөгөнүнүн акыбетин кайтаргыла. Алардын силерге айткан нускалуу насааттарын ак дилден кабыл алгыла.

Ата-энеңерден алыс кетпей, ар дайым кабардар болгула. Катаал мамиле жасабагыла, алардын мээрим толгон жүрөгүн оорутпагыла.

Силер ата-энеңерге кандай мамиле кылсаңар, кийин бала-чакаңардан дал ошондой мамилени көрөсүңөр. Себеби, балаңар силерден өрнөк алып өсөт.

*(«Ой гүлдөрү» китебинен)*

**224-көнүгүү.** Текстти окуп, тапшырмаларды аткаргыла.

## БАКА НЕГЕ СУУ ИЧПЕЙТ?

Бакалар бак-бак этип чардаганын угуп жүрөсүңөрбү? Алар күнү-түнү бою чардап, кулактын кужурун алышат. Өзгөчө саздуу жер болсо, аларга кудай берди дей бер.

Бакалардын денесинде эч кандай кыл же түк болбойт. Териси дайыма нымдашып, жалтырап турат. Алар өпкөсү гана эмес, бүтүндөй териси менен дем алат экен.

Ошол эле териси денесине сууну да сиңирет. Тескерисинче, бака ичиндеги сууну териси аркылуу сыртка буулантат. Ошон үчүн бакалар эч качан суу ичишпейт экен.



1. Тексттен этиш сөздөрдү тапкыла. Сүйлөмгө баяндооч болгон этиш сөздөр кайсылар, аларды атагыла. Алар канча сөздөн түзүлдү, айтып бергиле.
2. Бака жөнүндө табышмак же ыр билесиңерби? Билсеңер, кана, айтып көргүлөчү.



# БАЙЛАНЫШТУУ СҮЙЛӨӨ САБАКТАРЫ

**225-көнүгүү.** Текстти окугула.

## КАМБАРКАН БАЯНЫ

*(Уламыш)*

### I

Илгери кыргыздарда Азис аттуу каардуу хан болуптур. Анын жалгыз уулу Камбаркан мергенчиликке кетип, дайынсыз жоголуптур. Хан түпсүз кайгыга батат. Анан элин жыйып, мыкты деген жигиттерин топтоп, издөөгө жөнөтөт.

– Таап келгиле, таппасаңар башыңар алынат, – дейт Азис хан жигиттерге. Анан да, мындай өкүмдү билдирет:

– Эгер уулум жөнүндө кайгылуу кабар айтып келсеңер, оозуңарга толтура коргошун эритип куйдурам.

Акыркы айлар өтүп, алар бир токойго келишет. Жигиттер тыңшап турушса, кандайдыр бир кайгылуу добуш чыгат. Абайлап издешсе, ал жыш токойдун бутактарына тартылган үлбүрөгөн ичке жиптен чыгып жатыптыр. Карашса, ошол жердеги токой жырткычтарынын падышасы арстан жана

хандын баласы катуу кармашта мерт болуптур. Бала менен болгон кармашта канжар жеп, чубалган арстандын ичегиси токой жыгачтарынын бутагына илинип, куурап калыптыр. Шамал болгондо ал кууураган ичеги муңдуу добуш чыгарып жаткан экен.

## II

«Эми эмне кылуу керек? Ханга бул кайгылуу окуя жөнүндө кантип угузабыз? Баары бир баарыбызды өлүм күтүп турат», – деп кайгырышат жигиттер. Ошондо жигиттердин ичинен бир уста чыгып: – Мен жыгачтан аспап чабайын, бул жипти ошого тагалы, андан аркысын көрө жатабыз, – дейт.

Уста кооз гүл таап, жасаган аспабынын атын ошол гүлдүн атынан «комузгак» атаптыр.

Жигиттердин ичинен дагы бир ышкыбоз жигит чыгып, «комузгакты» күүгө келтирип, керемет муңдуу обон чыгарат.

## III

Арадан күндөр өтүп, жигиттер ханга келишет, көңүлдөрү суз, маанайлары пас.

– Эмне кабар бар, айткыла! – дейт Азис хан каардуу.

Ошондо баягы обон чыгарган жигит комузгакты койнунан алып, сырдуу да, муңдуу да обонун узакка чертет.

– Мен түшүндүм, – дейт Азис хан ого бетер каарданып, – уулум кайгылуу өлүмгө дуушар болгон экен. Арга жок, мен ичимдеги бугумду чыгаруум керек. Буйругум – буйрук, баарың өлүмгө буйруласыңар!

Эл ичинен акылман карыя чыгып, ошондо ханга мындай дейт:

– Сабыр кыл, ханым, сенин уулуңдун өлгөнүн булар айткан жок, алдагы керемет аспап айтып отурбайбы... Буюрсаң – ошого буюр өлүмдү.

Азис хан эсине келип, акыл токтотуп, бул керемет аспаптын эмне экенин таңданып сурайт. Баягы уста жигит болгон окуяны болгондой баяндап, анан атын «комузгак» деп атап, ханга тартуу кылат.

Комуз ошондон бери кыргыздын музыкалык аспабы болуп калыптыр, ал күү – күүнүн башы «Камбаркан» аталып, кылымдан кылымга кала берген дейт.

*С. Рысбаев*




Уламыштын мазмунун өз сөзүңөр менен көрктүү айтып бергиле. Ээ, баяндооч сөздөргө мисал тапкыла.

**226-көнүгүү.** Бул пайдалуу кеңештерди окугула. Алардын кандай учурда пайдасы бар экендигин айтып бергиле. Тексттен баяндооч сөздөрдү таап, мүнөздөп бергиле.

## ПАЙДАЛУУ КЕҢЕШТЕР

Мына, жакында жай келет. Үйдү акилеп, каалга-терезелерин сырдайсыңар. Ошондо терезени кантип булгабай сырдоо керек? Газетаны сууга малып туруп, терезеге чаптап койсоңор, кийин сырдалган соң, алып таштайсыңар. Эч нерсе булганбайт.



**227-көнүгүү.** Табышмакты тапкыла.

Көк жайыкка чыктым,
Көп коюмду кырктым.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ч | | | | ы |

Жыланга окшош, сойлобойт,
Колдо тынбай ойдолойт.
Андан катуу сестенип,
Атың желип жорголойт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| к | | | | ы |



**228-көнүгүү.** Текстти окугула, суроолорго өз сөзүңөр менен жооп бергиле.

## ӨРТ ЧЫГАРУУЧУ ГҮЛ

Дүйнөдө кызык окуялар көп болот. Ошолордун бири мына бул окуя.

Индиянын бир аймагында токойдо өрт чыккан. Болгондо да, бир эле жерден бирдей убакта башталган. Анын эмнеден чыкканын эч ким таба алган эмес.

Бирок, акыры бир токойчу токойго өрт койгон «күнөөлүү» – гүл экендигин айткан.

Бул сөз көп изилдөөчүнүн күлкүсүн келтирген. Кантип эле өрт чыксын? Акыры ошол токойчунун айтканы чындыкка айланыптыр. Анткени, токойчу айткан жыттуу гүлдүн сабагы, жалбырагы жана гүлү күн абдан ысыганда өзүнөн-өзү күйүп кетерин аныкташкан.

Көрсө, бул жыттуу гүл отко тез күйүүчү жыттуу майды бөлүп чыгарат экен.

А гүлдөн өрт чыгат деп, чын эле ким ойлоптур?




1. Текстте ой, адегенде, эмнеден башталды? Индияда болгон өрттүн себеби эмне экен? Аны ким божомолдоп айтыптыр? Божомол чындык бекен?
2. Гүлдөр кантип өрт чыгарышы мүмкүн экен? Ушундай кызык нерселерди уксаңар айтып бергиле.

**229-көнүгүү.** **«Сулуу жай айы»** деген темада өзүңөрчө чакан аңгеме түзгүлө. Аңгемеңерде булар жөнүндө жазгыла.

1. Жай айы – кайсылар?

2. Жай айлары келип, табиятта кандай өзгөрүүлөр болду?

3. Табиятты кооздоп, көркүн чыгарган эмнелер? Алар кандай?

4. Жазганыңарды үн чыгарып, окуп бергиле.



**230-көнүгүү.** Жайдын кооз көрүнүшүн чагылдырып, сүрөт тартып келгиле. Ага ат койгула. Анан аны өзүңөр баяндап, айтып бергиле.



**231-көнүгүү.** Макал-лакаптарды окугула. Маанисин өз сөзүңөр менен түшүндүрүп, анан жазып алгыла. Өзүңөр да бир нече макал-лакаптарды айтып бергиле.



1. Кумурскалар бириксе арстанды да алат.
2. Көп көчүрүлгөн дарак бүрдөбөйт.
3. Сүйлөгөндү сүйсөң, укканга да үйрөн.
4. Ата журт – алтын бешик.
5. Туулган жердин топурагы алтын, суусу дары, ташы алтын.
6. Мекен – эне.
   Суу – өмүр.

**232-көнүгүү.** Текстти окуп, карышкырды мүнөздөп жазгыла.

## КАРЫШКЫР ЖӨНҮНДӨ БИЛЕСИҢЕРБИ?

Карышкырлар жырткыч айбанаттардын чоң тобун түзөт. Ал өзүнүн акылдуулугу, балбандыгы, ыкчамдыгы жана эр жүрөктүүлүгү менен айырмаланат. Карышкырлар көк жал, көгөнчү, айдакчы, журтчу болуп көп түргө бөлүнөт. Бул аттар алардын жөндөмүнө жараша коюлган.

Мисалы, көк жал карышкырлар малды айдакчыларга кубалатып келип жарга такап чыгат, же болбосо музга алып келип, тайгалантып жыгат да, ичин жарып өтөт. Башкаларына той түшүрүп кырат. Этке маарытат.

Көгөнчүлөр болсо короого келип байланган козулардын арасына жатып алып, козулардын куйруктарын жейт. Журтчулар болсо элдин журттарын сагалап оокат кылат.

Карышкырдын баласын бөлтүрүк дейбиз.




1. Карышкарлар кандай топторго бөлүнөт экен?
2. Алар жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?



**233-көнүгүү.** Текстти окугула да суроолорго жооп бергиле.

## «МАНАС» ДАСТАНЫ ТУУРАЛУУ

Балдар, качандыр бир мезгилде жерибизди душман чаап, талап-тоноп, элибизге азап-тозокторду салган. Ошондо Манас баатыр бабабыз төрөлүп, душмандардан өч алган. Элибизге эркиндигин, бүтүндүгүн кайтарып берген. Манас бабабыздын баласы Семетей да атасынан кем калышпаган баатыр болгон. Семетей атасы Манастын жолун уланткан. Анын Сейтек деген баласы болгон. Семетей да, Сейтек да кыргыз элибизди душмандардан коргоп өтүшкөн.

Мына ошол баатыр бабаларыбыз Манас, Семетей жана Сейтек жөнүндө элибиз «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» деген үч китептен турган улуу эпосту жараткан. Мындай көлөмү жагынан чоң эпос дүйнөдө жок.




1 Манас – бабабыз ким болуптур?
2. Анын кандай баатыр уулу, небереси бар экен?
3. Алар кыргыз элибизге кандай кызмат кылышкан экен?



# ЖЫЛДЫК КАЙТАЛОО САБАКТАРЫ

## I. КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Тыбыш жана тамга деген эмне?

2. Сөз ичинде тыбыш менен тамганын саны дайыма эле бирдей болобу? Мисалдар менен далилдеп түшүндүргүлө.

3. Үндүү жана үнсүз тыбыштар кандайча бөлүнүшөт?

## II. ПРАКТИКАЛЫК ТАПШЫРМАЛАР

1. Бул сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүзгүлө: ***көпөлөк, күчүк, жоолук, талаалар, көнүгүү, кыштак, ээр, туу*.**

2. ***К, г, ж*** тамгаларынын айтылышындагы жана жазылышындагы айырмачылыктарды мисал менен далилдеп көрсөткүлө.

## III. ОКУУ ЖАНА ТАЛДОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР

1. Текстти шар, көркөм окугула да, тапшырмаларды аткаргыла.

### СЫБЫЗГЫ

Кыргыз эли залкар «Манас» сыяктуу эпосторду гана жаратпастан, ондогон музыкалык аспаптарды да жараткан. Алардын бири –

сыбызгы. Ал байыртан той-тамашаларда, оюн-зооктордо ойнолуп келатат.

Сыбызгынын үнү өтө назик, мукам. Ошондуктан эл ичинде «анын үнү тим эле сыбызгыдай сызылып» деген салыштырмалуу сөздөр кездешет.

Мурда сыбызгыны чогойнодон, камыштан, шилбиден, кызыл куурайдан жасашкан. Азыр аны жыгачтын көп түрлөрүнөн жасашат.

Сыбызгынын үн чыгаруучу тешиги – жетөө. Аны менен кыргыздын гана күүлөрү, обондору аткарылбастан, башка элдердин залкар күүлөрүн, обондорун да ойносо болот.




1. Тексттин мазмунун толук айтып бергиле. Каалаган беш сөздү алып, тыбыштык талдоо жүргүзгүлө.

2. ***К, г, ж*** тамгаларынын айтылыштарына байкоо жүргүзгүлө (сыбызгы, кыргыз, жыгач ж.б.)

3. Кыргыз элинин кандай музыкалык аспаптарын билесиңер?

4. Алардын бири кайсы?

5. Сыбызгынын үнү кандай?

## I. КАЙТАЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Түгөйлүү тыбыштарды мисалдар менен түшүндүрүп бергиле.

2. Баш жана кичине тамгалар кандай жазыларын эстегиле.

3. Сөздөр кандайча муунга бөлүнөт жана ташымалдоонун кандайча эрежелери бар эле? Эсиңердеби?

## II. ПРАКТИКАЛЫК ТАПШЫРМАЛАР

1. Өзүңөр мисал келтирип, бир нече сөздөрдү уңгу, мүчөлөргө ажыраткыла.

2. ***К, п*** тыбыштарынын сөз ичинде өзгөрүүсүн мисал келтирип далилдеп бергиле.

## III. ОКУУ ЖАНА ТАЛДОО ҮЧҮН ТАПШЫРМАЛАР

1. Текстти көрктүү окугула жана тапшырмаларды аткаргыла.

### ЭМНЕ ҮЧҮН ТИЛ БИРӨӨ?

Гүлнар чоң энесинен бирдемелерди сурай бергенди жакшы көрөт. Бир жолу ал энесинен минтип сурап калды.

– Чоң эне эмне үчүн кулагым экөө, көзүм да экөө, колум да экөө, бутум да экөө. Ал эми тилим бирөө эле.

– Анткени, чүрпөтайым, – деп жооп берди чоң энеси, – улуу кишилердин сөзүн көп уксун, кулагына түйүп алсын деп эки кулак берген, ата-энесине көбүрөөк жардамдашсын, көбүрөөк иш кылсын деп эки кол, эки бут берген.

Ал эми азыраак сүйлөп, көбүрөөк иш кылсын деп, бир гана тил берген. Мына эмне үчүн тил бирөө эле болуп калганын билдиңби?!

*Б. Сарногоев*



1. ***К, п*** тыбыштарына мисал тапкыла.
2. Баш жана кичине тамгалардын жазылышын мисал келтирүү менен айтып бергиле.
3. Текстти көрктүү окугула, мазмунун айтып бергиле. Тапшырмаларды аткаргыла.

## АТА САЛТЫ

### МЕЙМАНДОСТУК

Кыргыз элине тиешелүү асыл дөөлөттөрдүн бири – меймандостук. Бул бизге ата-бабаларыбыздан калган салт. Үйгө келген кишини «Келиңиз, төргө өтүңүз, даам ооз тийиңиз», – деп тосуп алабыз. Мейманга болгон жакшы тамагыбызды берип, төргө отургузабыз.

Кыргыздар жашоо-турмушундагы ар бир кубанычты эл чакырып, мейман тосуп белгилешет.

Тойго бүт айыл же бир көчөнүн эли бүт чакырылат. Мейман күтүү – элибиздин сүйүктүү салты.

# МАЗМУНУ

## I ЧЕЙРЕК


I класста өтүлгөндөрдү кайталоо ............................ 3
Тыбыш жана тамга.................................................... 7
Тыбыштардын бөлүнүштөрү. Үндүү тыбыштар ..... 10
Үнсүз тыбыштар ........................................................ 13
Үндүү тыбыштардын бөлүнүшү. Ичке үндүүлөр... 15
Жоон үндүүлөр............................................................ 18
Кыска жана созулма үндүүлөр. Кыска үндүүлөр. 20
Созулма үндүүлөр ...................................................... 22
Жумшак жана каткалаң үнсүздөр .......................... 23
Орус тилинен кирген тамгалар, алардын айтылышы жана жазылышы ................................. 26
***К, г, ж*** тамгалары, алардын жазылыш жана окулуш өзгөчөлүктөрү ........................................ 28
Ичкертүү ***(ь)*** жана ажыратуу ***(ъ)***белгилери........... 33
Түгөйлүү (***б – п, в – ф, г – к, д – т, ж – ш, з – с***) тыбыштар .................................................... 35


## II ЧЕЙРЕК


Йоттошкон тамгалар ***(е, ё, ю, я)*** ...........................38
Кыргыз алфавити жана тамгалардын аталышы...41
Баш жана кичине тамгалар,алардын жазылышы ........................................................ 42

Сөздү муунга ажыратуу .................................... 44
Муундун түрлөрү. Ачык муун ............................... 46
Жабык муун ............................................... 49
Туюк муун ................................................ 52
Сөздү ташымалдоо ......................................... 54
Сөздөрдүн курамы. Сөздөрдүн уңгу жана
мүчөгө бөлүнүшү .......................................... 57
Сөздүн уңгусу ............................................ 60
Сөздүн мүчөсү ............................................ 62
Уңгулаш сөздөр ........................................... 64

## III ЧЕЙРЕК

***К, п*** тыбыштарынын өзгөрүп айтылышы .............. 67
Заттардын атын билдирген сөздөр .......................... 70
**Ким? Эмне?** деген суроого жооп берген зат
атооч сөздөр ............................................. 72
**Эмне?** деген суроого жооп берүүчү жандуу
зат атооч сөздөр ......................................... 73
**Эмне?** деген суроого жооп берүүчү жансыз
зат атооч сөздөр ......................................... 74
Заттардын кыймыл-аракетин билдирген
сөздөр ................................................... 76
**Эмне кылып жатат?** деген суроого жооп
берүүчү сөздөр ........................................... 77
**Эмне кылды?** деген суроого жооп берүүчү
сөздөр ................................................... 78
**Эмне кылат?** деген суроого жооп берүүчү
сөздөр ................................................... 80

Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөр................. 81
Заттын санын билдирген сөздөр ............................ 85
Заттын иретин билдирген сөздөр ........................... 87
Сөз жана сүйлөм................................................. 89
Сүйлөмдүн түрлөрү. Жай сүйлөм.......................... 90
Суроолуу сүйлөм ................................................. 92
Буйрук сүйлөм..................................................... 95
Илептүү сүйлөм ................................................... 96
Сүйлөмдүн ээси ................................................... 98
Сүйлөмгө ээ болгон зат атооч сөздөр .................. 99
Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам
аттары ................................................................... 100

## IV ЧЕЙРЕК

Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган айбанат-
тардын аттары .................................................... 102
Сүйлөмдүн баяндоочу.......................................... 103
Зат атооч сөздөрдүн сүйлөмдө баяндооч
болушу................................................................... 105
Этиш сөздөрдүн сүйлөмдө баяндооч болушу .... 106
Байланыштуу сүйлөө сабактары..........................112

Р-95 **Эне тили :** Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 2-классы үчүн окуу китеби / С. Рысбаев, А. Юнусалиева. 6-басылышы – Т.: «O‘zbekiston» БПЧҮ, 2018. – 128 б.

ISBN 978-9943-01-280-6

**УЎК 796(075)**
**КБК 81.2 Кир-92**

*O‘quv nashri*

**SULAYMAN RISBAYEV, ABIBA YUNUSALIYEVA**

**ONA TILI**

Oltinchi nashri

**Ta’lim qirg‘iz tilida olib boriladigan umumiy o‘rta ta’lim maktablarining 2-sinf o‘quvchilari uchun darslik**

Original-maket «O‘zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyida tayyorlangan, 100011, Toshkent, Navoiy ko‘chasi, 30.

Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Техник. редактору *Б. Каримов, Т. Харитонова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басма лицензиясы AI № 158.14.08.09.
2018-жылы 14-майда басууга уруксат этилди. Форматы $70\times90^{1}/_{16}$.
Арип түрү «Arial». Офсеттик басма ыкмасында басылды.
Шарттуу басма табагы 9,36. Учёттук басма табагы 9,67.
Нускасы 717. Келишим № 76-18.

Өзбекстан Басма сөз жана кабар агенттигинин
«O‘qutuvchi» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды.
Ташкент – 206. Юнусабад, Янги шахар көчөсү, 1.

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат.

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыралган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган,беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар. Пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыралган же таптакыр жок. Канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирип болбойт. |